**Дозонов Сатылган**

# Туулган айлым Коргон-Сай

*Чубук ат минип жарышып,*
*Жүрчүбүз ойноп сайма-сай.*
*Жанымдан артык көрүнөт,*
*Туулган айлым Коргон-Сай.*

**Ош — 2011**





## *Баш сөз*

***Дозонов Сатылган*** *1943-жылы 5-февральда Жалал-Абад облусуна караштуу Чаткал районундагы Коргон-Сай айылында жарык дүйнөгө келген.*

*1962-жылы Чаткал орто мектебин бүтүргөндөн кийин 1963-жылы Ош педагогикалык институтунун математика факультетине кирип, анын толук курсун 1968-жылы ийгиликтүү бүтүрөт.*

*Дозонов Сатылгандын эмгек жолу 1964-1965-окуу жылында Чаткал районунун Курулуш айылындагы мектепте математика мугалими болуп иштөөдөн башталат.*

*1965-1966-окуу жылында Каныш-Кыя орто мектебке математика мугалими болуп которулат.*

*1966-жылы жаш адистин уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүгн байкашып аталган мектептин директорунун орун басарлык кызматына көтөрүшөт.*

*1970-1975-жылдары аталган мектептин директору болуп эмгектенет.*

*Үй-бүлөлүк шартына байланыштуу, Сатылган аке ата-энесинин жалгуз уулу болгондуктан өз айылындагы Коргон-Сай мектебине 1975-1976-окуу жылында директорлук кызматка которулуп келип иштейт.*

*Болочок жаш жетекчинин уюштуруучулук жөндөмүн, талантын баамдаган Кыргызстан компартиясынын Чаткал райондук комитети Дозонов Сатылганды жетекчиликке пайдаланууну сунуштайт. Натыйжада 1976-жылдан 1987-жылга чейин дээрлик он бир жыл бою Сатылган аке «Башкы-Терек» совхозунун «Коргон-Сай» бөлүмүндө башкармалык кызматта үзүрлүү эмгектенет.*

*1987-1988-жылдары Кыргызстан компартиясынын Чаткал райондук комитетинин сунушу менен Чаткал райондук почта бөлүмүндө жетекчи болуп эмгектенет.*

*1988-1990-жылдары Дозонов Сатылган «Башкы-Терек» совхозунун баштапкы партиялык комитеттин катчысы болуп иштейт.*

*1990-1991-жылдары ал «Башкы-Терек» профсоюз кошундарынын төрагалык кызматын аркалайт.*

*1991-жылы Кыргыз Республикасы Эгемендүү республика болуп жарыялангандан кийин, республикабыздын коомдук саясый, экономикалык турмушунда зор саясый өзгөрүүлөр жана реформалар болуп өттү. Мурунку колхоз, совхоздор таратылып алардын мал-мүлкү, техникалары элге менчиктештирилип берилди.*

*Ошентип Дозонов Сатылган аке жогорудагы олуттуу өзгөрүүлөрдөн кийин өзүнүн кесибинин мектепке мугалим болуп 1991-1998-жылдарга чейин иштеди.*

*Дозонов Сатылган өзүнүн эмгек жолунда, кайда иштебесин мейли мугалимдук кесипте, жетекчилик, чарбалык, партиялык жана профсоюздук, коомдук кызматтарды аркалабасын, ал өзүн ак ниет адам иш билги инсан, уюштуруучулук жөндөмү, таланты бар кыргыздын патриот гражданини катары көргөзө алды.*

*Анткени ал узак жылдар бою жетекчилик кызматтарды аркалап жүрүп, Коргон-Сай айылдык округунун Чаткал райондук Жалал-Абад облустук партиялык, советтик чарбалык уюмдардан алган Ардак грамоталары, сыйлыктары буга айкын далил боло алат.*

*Дозонов Сатылган аке, өзүнүн бош учурларында поэтикалык ой-толгоолорун, дүйнө таанымын, кагаз бетине түшүрүп жазып жүргөн. Албетте ар бир инсандын дүйнө таанымын өз деңгээлинде болот дечи, бирок таанып билүү, түшүнө билүү, айрыкча кагаз бетине чагылдырып жазуу ар бирибизге таандык эмес.*

*Китеп маркумдун жакындарына үй-бүлөсүнө, балдарына жана неберелерине арналганын эске алып автордун берейин деген оюн, дүйннө таанымын өзгөртүүсүз оңдоосуз калтырууну чечтик.*

*Дозонов Сатылгандын учурда 4 уул, 3 кыз жана 24 небереси бар. 2011-жылдын 5-январында Дозонов Сатылган мезгилсиз дүйнөдөн кайткан.*

*Ылайым жараткан бейишиңизди берсин демекчибиз.*

*Дозонов Сатылгандын көзү түрүүсндө жарык көрбөй калган чыгармаларын топтоп, анын басылып чыгышына демөөрчүлүк кылып талыкпай эмгектенген күйө баласы Абасов Мелисбек жана өз кызы Толгонайга терең ыраазчылык билдиребиз.*

*Абды Омокеев*

## ТУУЛГАН АЙЛЫМ КОРГОН-САЙ

Отун алып жүрчүүбүз,
Аралап калың токоюн.
Элестеп ошол күндөрдү,
Эми мен обон созоюн.

Көйнөк жок, бутуң жыңайлак,
Жүрчүүбүз ойноп жарышып.
Ойлонсом ошол күндөрдү,
Кабыргам кетет кайышып.

Акуудай чачым агарып,
Ал күндөр калды алыстап.
Акча эмес алтын берсең да,
Ал күндө бербейт карыстап.

Кыз, балдар бирге аралаш,
Ташканчак ойноп калчы элек.
Кыз-күйөө болуп бөлүнүп,
Каткырып күлүп алчы элек.

Чубук ат минип жарышып,
Жүрчүбүз ойноп сайма-сай.
Жанымдан артык көрүнөт,
Туулган айлым Коргон-Сай.

## ШААРДЫ ЖҮРДҮК АРАЛАП

Шарактап күлүп жактырбай,
Шаарды жүрдүк аралап.
Кыйкырып айтып калчы элең,
Балдарга мени каралап.

Өлөйүн десем ажал жок,
Жүрөктү жүрөм жаралап.

Карабай күлүп кетчи элең,
Карасуу шаарын аралап.
Кордобо мени картайдым,
Өлөөрмүн бир күн талаалап.
Ойлосом өткөн күндөрдү,
Көз жашым агат салаалап.

Эртелеп шашып кетесиң,
Алмалуу бакты аралап.
Ушуну көрмөк элең деп,
Шылдыңдап күлүп табалап.
Жоругуң көрбөй өлөм деп,
Үйүмдү жүрөм сагалап.

Алы күчүң барында,
Өлтүрбөй мени кете бер.
Кудайым берсин ден соолук,
Көксөгөн ойго жете бер.

Жалгыздык түшсө башыма,
Жазасын мен да көрөрмүн.
Азабың тартып бир күнү,
Ажалым жетсе өлөрмүн.

*05.12.2010-жыл*

## БИР ӨЗҮҢ

Теңселе басып жүрөсүң,
Теңсинбей мага күлөсүң.
Тейтейген ушул боюма,
Тең болчуу сенсиң бир өзүң.

Жайкала басып жүрөсүң,
Жактырам жакшы мүнөзүң.
Жанаша жүрүп жанымда,
Жар болчу сенсиң бир өзүң.

Карабай басып жүрөсүң,
Каткырып карап күлөсүң.
Картайып бара жатканда,
Кадырга жетер бир өзүң.

Байкабай басып жүрөсүң,
Байкадым жакшы мүнөзүң.
Баркыма менин жетүүчү,
Байкагын кемпир бир өзүң.

Суйсала басып жүрөсүң,
Сүрдөнүп карап күлөсүң.
Сүйлөбөй тилден калганда,
Ымдашаар сенсиң бир өзүң.

Ушинтип мени сыйласаң,
Алладан сооп табарсың.
Ата-энем, урук-тууган жок,
Мүрзөмдү өзүң карарсың.

Бурулушта мүрзөмө,
Бурулуп балдар барышаар.
Кайрылышта мүрзөмдү,
Карылып кыздар карашаар.

*03.12.2010-жыл*

## КЕМПИРГЕ ЖҮРӨМ КОР БОЛУП

Жаш кезде баскан кенен жол,
Басалбай калдым тар болуп.
Жаштыгым кетип бир өзүмдөн,
Кемпирге жүрөм кор болуп.

Карыдың денең муздак деп,
Жекелеп жатат бөлүнүп.
Калсам бир керек көзүнө,
Желмогуз чалдай көрүнүп.

Жүрчү элем кемпир жанында,
Жүзүмдөн нурум төгүлүп.
Алышып ойноп шарактап,
Махабат көлгө чөмүлүп.

Денемден кетип жылуулук,
Карыдым эми кантейин.
Көзүмө жаман көрүнбөй,
Кудайым алса кетейин.

Үзбөстөн окуп намазды,
Кудайдан күндө суранам.
Жылмайып карап сүйлөсө,
Тарынчым тарап кубанам.

Карабай күлүп кетчү элең,
Карасуу шаарын аралып.
Маанайым басмурт мен байкуш,
Калчу элем жүрөк жаралап.

Түш ооган кезде жарк этип,
Жаныма келип калчу элең.

Жаныма кубат берүүчү
Ачыгын айтчы сен белең.

Жашырбай айтып сырларды,
Уктабай көпкө жатчу элек.
Өткөрдүк жаштык күндөрдү,
Айтчы эми анда ким элек.

## АЯЛДАРГА БИР КАЗАЛ

Аялдарга арнаган,
Ада болбойт казалым.
Кемпирим кетсе зээрикпейм,
Балдарым менин базарым.
Көңүлүм чөгүп ойлонсом,
Балдарым көңүл ачарым.
Жарк этип күлүп бир карап,
Кемпирим жарпым жазарым.
Жакындап калды кантейин,
Карыдым менин мазарым.

Элестеп жүргүн кемпирим,
Карасууда жүрсөң да.
Унутпа өткөн күндөрдү,
Шаарда басып күлсөң да.
Каяша сага кайтарбайм,
Уруп тээп түртсөң да.
Айтпаймын бир сөз сага арнап,
Ойнуңду көрүп жүрсөм да.

Урушпайлы картайдык,
Ынтымактуу бололу.
Кудайга айтып жалган сөз,
Күнөөлүү бекер болбойлу.
Жаш кезде кеткен күнөөнү,

Кемпирим эми оңдойлу.
Бузулуп кетти булар деп,
Көп элге ушак болбойлу.

Сен чансаң дагы мен чанбайм,
Картайды дебей келе бер.
Формасы калса болгону,
Уялбай эле бара бер.
Күчүң барда ойноп ал,
Акыры жутат кара жер.

Карасуу болду турагың,
60 жашта курагың.
Төрөттөн калып субайсың,
Ойноп күлөр убагың.
Сага да келип карылык,
Оорлоп калды кулагың.

Жаңысын көрүп турмуштун,
Ачылды сенин бир гүлүң.
Алаксып кетип каласың,
Бөлүштү болду көңүлүң.
Ажырашпай жашасаң,
Ачылаар дагы көп гүлүң.

Ноорузбекти эрмектеп,
Олтурам жалгыз мен үйдө.
Теңебей мени өзүңө,
Башкарма болдуң бул үйдө.
Азабың тартып олтуруп,
Ыр жазам, кантем мен күндө.

Аялдар баарын башкарып,
Эркектер калды көчөдө.
Тапшырган ишин кылбасаң,

Жаака чабат көргөндө.
Кемпирлер өзүн жаш сезип,
Калыптыр азыр каш кагып.
Элге келчү кыямат,
Калганбы деймин баш багып.

Базарга барсаң көрөсүң,
Аялдар жүрөт чачташып.
Олтурушат сөз кылып,
Мурду чоң сартты макташып.
Сыйлашат күчтүү адамды,
Аябай акча сарпташып.
Акчасы жок аялдар,
Көчөнү жүрөт тапташып.

## БАЛАМА

Каткырып ойноп жүрсөң сен,
Көргөндө карап кубанам.
Өмүрүң узун болсун деп,
Кудайдан күндө суранам.

Жеткирбей чуркап кетсең сен,
Жете албай сага кубанам.
Күч-кубат берсин сага деп,
Алладан күндө суранам.

Балама болгон кубаныч,
Күч-кубат берет өзүмө.
Толкундап турам күндө мен,
Көрүнүп калсаң көзүмө.

Көңүлүм менин көтөрөт,
Баламдын ойноп күлгөнү.

Сергитет менин көңүлүм,
Секирип ойноп күлгөнү.

Каткырып күлүп жүрө бер,
Узун болсун өмүрүң.
Ачыла элек бир гүлүң,
Алдыда көп жыл көрөрүң.

Шар аккан суудай угулат,
Шаңшыган сенин үндөрүң.
Бак берсин сага кудайым,
Бактылуу болсун күндөрүң.

Өркүндөп өсүп жүрө бер,
Өмүрүң берсин кудайым.
Шаңк этип күлүп жарк эткен,
Өзүңдөй болсун жубайың.
20.12.2010-жыл

## ЭНЕҢЕ

Ойлогон ойго жете албай,
Ооруп бир жатат кемпирим.
Кийгенден бери жубулбайт,
Кир болду кара жемпирим.

Уруксат сага берейин,
Уялбай эле бара бер.
Шарактап күлүп ал менен,
Оорубай эле жүрө бер!

Жароокер болуп калаарсың,
Чаткалга ашып барганда.
Сараң эмес анда чоң мурун,
Көрүнбөй сага калганда.

Балама барам десең сен,
Бат эле жооп беремин.
Беш айлап барбай койсоң сен,
Бел байлап издеп келемин.

Өзүбекти сен ээрчип,
Орусияга кетпегин.
Көңүлүн таап байкуштун,
Ошко эле кармап эптегин.

Көңүлүң сууп калганда,
Чаткалга ашып барарсың.
Жашадым эле көп жыл деп,
Жактырып мени каларсың.

Кызыгып азыр жүрөсүң,
Каткырып карап күлөсүң.
Ойноштун өчсө оттору,
Өзгөрөт сенин мүңөзүң.

Алы күчүң кетпестен,
Өлтүргүн мени уу берип.
Ойт берип ойноп жүрөрсүң,
Оштон бир кызыл гүл терип.

## ЖҮРӨКТҮ ЖҮРӨМ ДАРЫЛАП

Ойлонсом өткөн күндөрдү,
Жүрөгүм кетет канталап.
Өзүңдөн алган күч менен,
Жүрөктү жүрөм дарылап.

Бейшемби күнү өзгөчө,
Өзгөрүп калат мүнөзү.

Жактырбай тээп кубалап,
Жаткызы келип бир өзү.

## ЖОРО МЕНЕН ДҮЙШӨНГӨ

Тосулган менчик короодо,
Бирөөнүн малы оттобойт.
Бечара бирөө туулса,
Эч ким да аны жоктобойт.
Колунда бар адамдар,
Жоктомок түгүл жолобойт.
Келбесе да таарынбайт.
Бечара байкуш карабайт,

Туулган күнүн белгилеп,
Колунда барлар күңүлдөйт.
Ар түрлүү жоолук салынып,
Олтуруп төрдө үлпүлдөйт.
Арақты ичип шарактап,
Адамдар ырдап, бийлейт дүпүлдөп.

Жөө жалаң басып чарчабай,
Жоро аке аман келдиңби?
Туулган кече Сейдана,
Аны сен кийин билдиңби?
Аракты ичпей калыпсың,
Акыйкат жолго кирдиңби?
Пайгамбар берген менчиктеп,
Бечара, тең беле мага дедиңби?

Арчадай өмүр тилеймин,
Дүйшө аке эсен жүрө бер.
Кудайым берсин береке,
Жаркылдап ойноп күлө бер.

Күлүгүң чыксын байгеден,
Чапканда чыксын кара тер.
Тайэжеңди эстей жүр,
Акыры жутат кара жер.

Күйөө бала болосуңар Сейданага,
Көздөй бажа болосуңар Сатылганга.
Күбө болуп катышып кеткилечи,
Сүйүнүчтүү үйлөнүү тоюбузга.

*Саматбекке*

## АЙЫЛЫМ

Айылыма келсем капамын,
Элесин жоктоп апамын.
Кашаттан издейм издерин,
Мурунку өткөн атамын.

Мен жүргөн айыл аралап,
Жүрөктү күйүт жаралап.
Неге сен кеттиң мындан деп,
Тургансыйт айылым дабалап.

Ата-энем үнүн уккансыйм,
Жүргөнсүйт колдон жетелеп.
Насаатын угуп тургансыйм,
Көңүлүм куунак эркелеп.

Ата-энем менин даанышман,
Эстесем күйөм капамын.
Көзүмдөн агат жаштарым,
Курдашын көрсөм апамын.

*«Күн чыгыш жакта кабырың»*

## НООРУЗБЕККЕ

*20.03.2009-жыл*

Жаңырган жылдын башында,
Ноорузбек толду бир жашка.
Өрүгү көзгө көрүнбөйт,
Данеги ширин бир башка.

Тилеймин кудай тааладан,
Өмүрүн узун кылсын деп.
Ата деп мени жетелеп,
Аркамдан ээрчип жүрсүн деп.

Ноорузбек сага кааларым,
Досторуң сенин көп болсун.
Көңүлүң жаздай жаркырап,
Душманың такыр жок болсун.

Эл менен бирге аман бол,
Урматтап улуу кичүүнү.
Көңүлүң менен сунгун кол,
Бак таалайың ачылып,
Кудайым берсин узак жол.

Жакшы жаман адам деп,
Тергебей балам бирге өскүн.
Соолубас Ысык-Көлдөй бол,
Билинбей кетет өткөн күн.

Жадырап жайнап өсө бер,
Туулган күнүң кут болсун.
Ата-энең менен бир болуп,
Өмүр жибиң бек болсун.
Жайылган сага дасторкон,
Түр оокатка жык толсун.

## НООРУЗБЕККЕ

Баш коштурган туугандардын баарысын,
Айланайын Ноорузбектей баламдан.
Арак ичтим мен куттуктап талаадан,
Алыс болуп жете албастан мен андан.
Өсө бергин учкан куштай закымдап,
Алыс болгун жаман жакшы жалаадан

Айланайын көздөрүңдөн ойноктогон,
Басып жүргөн буттарыңдан койкоңдогон.
Мен өлбөстөн жетсем болду ойлорума,
Дүркүрөтүп той берем деп болжолдогон.
Куда болуп Дүйшөнбайга келгенимде,
Абийир берип чоң кудайым бир колдогон.

Тике туруп ачык айттым ойлорумду,
Коркпой туруп сундум го мен колдорумду.
Балдарымдын баарысы жолдоп жүрсүн,
Басып өткөн менин ушул жолдорумду.

## АТАМА КОШОК

Билим берип жаштарга,
Кан атам мугалим болуп иштеген.
Тарбия берип талыкпай,
Кан атам чарчоону анда билбеген.

Бааланып элге эмгеги,
Кан атам директор болуп иштеди.
Беш колун салбай оозуна,
Кан атам адал бир нанын тиштеди.

Эмгеги айда бааланып,
Кан атам башкарма болду айылга.
Күн-түнү тынбай чапкылап,
Кан атам көрчү эле элге камылга.

Ата-энеме келем деп,
Кан атам айылга мектеп курдурган.
Дубалы бекем болсун деп,
Кан атам кош сынч кылып урдурган.

Көпчүлүк менен бирге иштеп,
Кан атам кер кашка оозун чойдурган.
Санаалаш келсе үйүнө,
Кан атам семизин койдун сойдурган.

Көлөкө болгон көп элге,
Кан атам кериге өскөн жол эле.
Сөзү менен иш кылган,
Кан атам ак көңүл элпек жан эле.

Кызматын иштеп жүргөндө,
Кан атам жакшылык кылды көп элге.
Эмгегин баалап атамдын,
Кантейин койбоду атын бир жерге.

Кыдыртып айыл шаарды,
Кан атам энемди абдан көптүргөн.
Урмат сыйын көрөм деп,
Кан атам уул-кызды өстүргөн.

Кадырлап абдан сыйлашчу,
Кан атам эл аралап басканда.
Уулдун көрдү урматын,
Кан атам алтымыш жашы ашканда.

Кадырлап сыйлап бапестеп,
Кан атам учурду үч кыз уядан.
Көрөлү деп келе атсак,
Кан атам тосчу эле бизди кыядан.

Кан атам өттү дүйнөдөн,
Эми алдымдан тосуп ким чыгат?
Өзүмдү эстеп ошондо,
Кыздарың ыйлайт буркурап.

Эркелеткен бизди эми,
Үйдө отурган атам жок.
Таппайбыз ата өзүңдү,
Эми ыйлаган менен айла жок.

Кайрылып ата келбейсиз,
Биз токтотолу кейишти.
Кудайым колдоп ал жакта,
Эми аралап жүргүн бейишти.

Бакайдай басып жүргөндө,
Жүрчүбүз ойлоп көңүл ток.
Кыйкырсак деле таппайбыз,
Эми курандан башка пайда жок.

Бешенең сылап узаттым,
Кайыр кош ата, кайыр кош.
Биз менен кошо ыйлашып,
Олтурат энем айла жок.

Кайрылышта мүрзөңө,
Кайрылып барат кыздарың.
Кыйналып жүргөн бизди эми,
Колдоп бир жүрсүн арбагың.

## УУЛ, КЫЗЫМ

Алпештеп кемпир экөөлөп,
Өстүрдүк уул, кыздарды.
Өркүндөп өсө беришсин,
Кудайым берип жыргалды.

Көтөрүп жонго небере,
Шаттанып көңүл кубанды.
Өстүргөн уул-кыздардын,
Көрсөм дейм эми убайын.

Эркинче өссүн балдары,
Ээрчишип ата-энесин.
Сыйлашсын уул-келиндер,
Бир тартып турмуш кемесин.

Небере, уул-кыздарың,
Урматтап бизди сыйлашсын.
Биз өтүп кетсек дүйнөдөн,
Узатып чогуу ыйлашсын.

## КАРЫЛЫК

Айтылган жаман ниеттер,
А, кудай бизге жетпесин.
Жүрөлү дайым сыйлашып,
Урмат-сый бизден кетпесин.

Ишенбей ушак айыңга,
Тургула келип айылга.
Өзүңдүн оңдоп турмушуң,
Балдарга көрүп камылга.

Карысаң элге кошулбай,
Каласың жеке бөлүнүп.
Үйүңдөн чыкпай каласың,
Кемпирге жаман көрүнүп.

## ЖОРОГО

Акчам жок жүрөм дайыма,
Алданба Жоке өзүмө.
Чын дилден жакшы көрөмүн,
Сен ишенгин айткан сөзүмө.

Көңүлдөр тунук ак болсо,
Ушактап бизди бөлө албайт.
Сыйлашып жүрө берели,
Көр душман бизди көрө албайт.

Кошулуп көңүл бөлбөгүн,
Ар кимдин айткан сөзүнө.
Душмандык кылган адамдын,
Кам турпак толсун көзүнө.

Кудагый куда деп эле,
Кол кармашып жүрөлү.
Кутмандуу жакшы күндөрдө,
Кошулуп бирге күлөлү.

Көңүлүң келсе куда деп,
Чын эле сүйлөп жүрөлүк.
Аракты сунсам ичпестен,
Теңсинбей кээде күлөсүң.

Сыйлашып эле жүрөлү,
Калбасын көңүл эч качан.

Кудагый жаман көрбөссүң,
Үгүттөп сени тургандан.

Куда деп колуң кармаган Жоке,
Антымды бузбайм эч качан.
Аялың жаман көрбөсүн,
Азгырып сени бузгандай.

## КӨҢҮЛ ЖОКТО

Өмүрүң узун болсун деп,
Сыйлашып уул-кыздарың.
Элестеп ырдап жүрө бер,
Эскерип жазган ырларым.

Санжарбек менен Айжамал,
Жүрүшөт көлдү жээктеп.
Көңүл жок чыкпайм көчөгө,
Эшикти жаптым тээктеп.

## КАРЫЛЫК

Таскагы кетип жаштыктын,
Такасыз аттай арыдык.
Кимиси кантип сүйлөйт деп,
Балдардын оозун карадык.

Куттуктап келип калат деп,
Абасты күтүп олтурдум.
Абдан кыйын чыдабай,
Ал жерден ордум толтурдум.

200 акча нак берип,
Асенек кетти эркелеп.
Майрамдык кылып берем деп,
Сейдана кетти жетелеп.

Жетелеп дайым бир жүрөт,
Өзгөчө майрам күндөрү.
Өлсөм да эстеп жүрөмүн,
Оюмдан кетпейт сөздөрүң.

## ГҮЛЗААДАГА

Ар жылы келип ээрчишип,
Балдардын сыйын көрөбүз.
Аралап күндө базарды,
Көңүлдү ачып жүрөбүз.

Чачылып жүрсүн нурлары,
Атын койдум Нурзаада.
Эркелетип ойнотуп,
Жетелеп жүрсүн Гүлзада.

Үйүмө жарык нур берген,
Нурзада үйдүн чырагы.
Тоолору бийик Чаткалдын,
Шаркырап аккан булагы.

## НООРУЗГА

Ноорузга кудай туш кылды,
Атын койдум Ноорузбек.
Ардактап жүрүп өстүрсүн,
Атасы болуп Алтынбек.

Чоң атаң сенин Сатылган,
Саргарып күткөн Ноорузбек.
Той берип элге күпүлдөп,
Аман жүрсүн Асылбек.

Бак берсин сага кудайым,
Өмүрлүү болгун Ноорузбек.
Үйлөп жайлап Нооруздун
Урматын көргүн Асылбек.

400 сом берди Асылбек,
Иче бер арак өтө деп.
Көңүлүм менин көтөрдү,
Баламдан уккан ушул кеп.

## ҮЙ-БҮЛӨМӨ

Батамды бердим балама,
Өркөнүң өсө берсин деп.
Батасын элдин ала бер,
Бактылуу болгун балам деп.

Жалгызсын байкуш өнгүн деп,
Кудайым берди кыздарды.
Ыймандуу кылсын кудайым,
Өстүрдүм уул-кыздарды.

Көңүлүм менин көтөрдү,
Жолдоштор тууган-уруктар.
Рахмат айтам көңүлдөн,
Туугандар, жолдош уруктар.

Куттуктап баары сүйлөштү,
Айылдан тууган жолдоштор.
Куттуктап сөздү айтышты,
Ичишкен арак, көп достор.

## ТӨРӨЛГӨНДӨ НООРУЗУМ

Жээнтек берип Ноорузга,
Жолугам тууган досторго.
Өлтүрбөй турса кудайым,
Ноорузга мингиземин боз жорго.

Лифт менен чыгып этажга,
Мен анын өптүм мурдунан.
Батамды бердим аябай,
Перинин кармап колунан.

Больницадан келгенде,
Сүйүнгөн күнүм айта албайм.
Той берсем деймин жалпы элге,
Ниетим андан кайта албайм.

Өз элим, тага журттарың,
Ноорузум жүрсүн урматтап.
Мен көрсөм урмат сыйларын,
Өбөрмүн бетин кучактап.

## КЕМПИРГЕ

Эстелик болуп жүрсүн деп,
Саат алдым кемпирге.
Подарка кылып тапшырдым,
Жашадык 40 жыл биз бирге.

Капчыгайда өлгөндө,
Ким көрөт эле бул күндү.
Көтөрүп жонго небере,
Жүрөгүм абдан сүйүндү.

Той берсем деймин Ноорузга,
Жалпы элдин башын коштуруп.
Улак байге беремин,
Күлүктүн оозун чойдуруп.

## ЭНЕГЕ…

Мээнеттенип тынбастан чуркай берет,
Бош кезде шалактабай уктап алгын.
Ден соолугуң бар кезде тартынбастан,
Балдарыңдын балдарын сүйүп алгын.

Дүйнөдөгү асыл зат эне деймин,
Энеге эч нерсени теңебеймин.
Өмүрдө бардык жакшы нерселерди,
Алгын сен баардык нерсе сага деймин.

## АБДЫКААРГА

Абдыкаар жолдошум,
Кудайым ишиң оңдосун.
Ошто жүрдүм кармалып,
Мага сен капа болбогун.

Аман болуп көрүшсөк,
Капалык күндү жазарбыз.

Шарактап арак ичишип,
Көңүлдү досум ачарбыз.

Сүйүнүп алган келиниң,
Өмүрлүү болуп кут болсун.
Кудайым берсин небере,
Мурдуңа сенин жыт болсун.

Ата-эне деп сыйлаган,
Ыймандуу болсун келиниң.
Курсант болуп олтуруп,
Чайын ич, нанын жегиниң.

## КЫЗЫМ ТОЛГОНАЙГА

Рахмат кызым жардамыңа,
Өлөлү биз силердин алдыңарда.
Сыйлашып жүргүлөчү бир туугандар,
Ынтымак ырыс кетпей араңардан.

Бербестен алсак дагы биз силерден,
Караан болуп жүрөлүчү аска-зоодой.
Бай болгун, ыймандуу болуп өсө бергин,
Кадыр-баркың Ала-Тоодой бийик болсун.

*22.11.2006-жыл.*

## ТОЛГОНАЙГА

Кубанып, көтөрүлүп көңүлдөрүм,
Ыр жаздым кызым менин Толгонайга.
Өмүрү узун болуп өсө берсин,
Тилеймин аны асмандагы күнгө, айга.

Чектелүү өмүр деген адамдарга,
Жүрөбүз биз аралап араңарда.
Кылт этип өтүп кетсек бул дүйнөдөн,
Элес болуп жүрөбүз санааңарда.

Кудагыйлар, кудалар,
Кут болсун жаңы жылыңар.
Урматтап, барктап жүрүшсүн,
Өстүргөн уул-кызыңар.

## ГҮЛЗААДАГА

Туугандар бүгүн сүйүнчү,
Биздин үйдө кырк жылкы төрөлдү.
Төрөп алды аман деп,
Ата-энеси сүйүндү.

Гүлдөрдөй жыттуу болсун деп,
Атын койдум Гүлзаада.
Бак таалайлуу кыз болсун,
Өнүккөн өлкө тушунда.

Сүйүнгүн бирок чачылба,
Бак конду сенин үйүңө.
Өркүндөп өсүп жүрө бер,
Эч нерсе албай көңүлгө.

Өрүк деп эсептесең сен өзүмдү,
Сен менин бул дүйнөдө данегимсиң.
Эгер мен өтүп кетсем бул дүйнөдөн,
Аркамда калтырган бир белегимсиң.

## ТАЛДЫ-БУЛАК

Торпок, уй карап талаада,
Каарылык күндү баштадык.
Көңүлүң ачып алсын деп,
Кемпирди үйгө таштадым.

Жүр ээрчишип кетели Талды-Булакка,
Жууналы тоодогу булактарга.
Кырк жыл бою ээрчишип бир жашадык,
Сүйүнөлү кудай берген бактыбызга.

Биз экөөбүз жашаган бул кырк жылда,
Уул үйлөп, кыз бердик толкунданып.
Урмат-сыйга ээ болуп бул турмушта,
Жүрөлүчү ээрчишип биз кубанып.

## ЧАТКАЛЫМА

Көңүл ээрчип черлериңди бир тараткандай,
Көрүнөсүң Чаткалымдын зоолорундай.
Шаңшыганың ал зоонун уларындай,
Уккум келип ушунчалык берилемин.

Көңүл эргип чериңди бир тарткандай,
Көрүнөсүң Чаткалымдын зоолорундай.
Уккум келип ушунчалык берилемин,
Шаңшыган ал зоонун уларындай.

Кум кармаса чеңгелдеп кекиликти,
Кубалаймын, туралбаймын мен кубанбай.
Кекиликтей тынчып калсаң сен колумда,
Жүрмөкмүн бапестетип сени учурбай.

## ЫЙЛАП КОЙ

60 жашты ашканда
Алысташты кубалап
Аталы жетип  ал жакта
Өлүптүр байкуш тумалап

63 тан ашканда
Ишке калды жарабай
Кубуп чыкты үйүнөн
Абышкам деп карабай

Ажырап жоро жолдоштон
Мал багып жүрөт сандалып
Байкушум  жүрөт талаада
Баласына жалдырап

40 жыл жашап сен менен
Кыргындай жашым өткөрдүм
Жалындаган жаштыктын
Жарыгын такыр көрбөдүм

60 жашка чыкканча
Ал жеткенди көрөйүн
Алжаңдатпай сен чалды
Алыстатып бөлөйүн

## КАРЫЛЫК

Торпок  уй карап талаада
Карылык ишин баштадым
Көтөрүп көөнүн алсын деп
Кемпирди,  ээн үйгө таштадым

Төрөсө уул эгерде,
Атын койом Бекболот
Бөөрүдөй көзү жайнаган
Жалыны күчтүү өрт болот

## КАРЫЛЫК ОЙ КАРЫЛЫК

Карыган кезде сандалып
Тирилик түштү башыма
Кыйналып балаң кетти деп,
Ата энемдин арбагы
Келип турат кашыма

60 тан ашканда
Андостоп чуркай албайсың
Ал терге түшүп далбастап
Жаш кездей иштей албайсың

Көрүнгөн жериң бир ооруп
Айласыз таяк кармайсың
Көңүлүң чаап жаш кездей
Көрүнгөн жакка барбайсың

Жемелей берсе кемпирим
Жан алгычтан суранып
Өлүмгө башың байлайсың
Жарк этип күлүп сүйлөсө
Жармашкың келип жөн эле,
Кемпирди барып жандайсың.

Кайрат берип өзүмө
Сатылган жетим кыйналба
Кемпирге жакбай калдым деп
Жаш кезиң ойлоп ыйлаба

80ге жашың жеткиче
Өлүмгө башың байлаба.

Эч нерсе менен ишим жок,
Мал багып жүрөм талаада.
Калт, кылт этип элестеп,
Кемпирим турат санаамда.
Сүйүнөм жерге батпастан,
Кемпирим барып калганда.

Жаш баладай тез эле,
Каламын кээде тарынып.
Алып кет мени болду деп,
Кудайга калам жалынып.
Кабарсыз кетсе кемпирим,
Күтөмүн аны зарыгып.
Ар нерсени бир ойлоп ичимден,
Каламын таарынып.

Карыган кезде ушинтип,
Болосун кулу балдардын.
Түгөлдөп санап күн сайын,
Толуктап башын малдардын.
Айткан ишин аткаруу,
Милдети болот чалдардын.

Күчүң жетсе эрте көч,
Чөп чаап тоют камдайсың.
Жаман көрсө мейли деп,
Оор ишке барбайсың.
Көңүлү ачык жүрсүн деп,
Кудайдан күндө сурайсың.
Өзүңдү өзүң кубантып,
Комуздун кылын бурайсың.

Кете албайм басып ар жакка,
Баланын менчик малынан.
Индук, тоок дагы бар,
Чыга албайм анын жанынан.
Кемпир жок жетимсиреймин,
Ана ошол жаман баарынан.
Кыштакка барбай жатамын,
Кемпирден коркуп каарынан.

Кашааттан көрсөм карааның,
Жашабайм деди сен менен.
Тээп тиштеп жолотпойт,
Жашайт ал билбейм ким менен.
Таштасын кетсин ал чанып,
Мен жашай беремин мал менен.

## БАЖАМ БАЙИЗБЕККЕ

Кабар алып күнүгө,
Түрөмшүк мендей жетимди.
Карыган кезде соттолуп,
Жүрөгүм менин эзилди.
Ким жолдош ким дос экенин,
Байкасам бирден терилди.

Жүрөгүмдөн берилип,
Рахмат айтам бажама.
Эриктирбейт ал келип,
Ээн жүргөн талаада.
Жылгадан алыс чөп жыйнап,
Жардам берип балама.
Түйшөлүп уктай албаймын,
Ар нерсе түшөт санаама.

Каткырып күлүп сурашат,
Абдыкаар сарт досум.
Четтеп басып кете албайм,
Ал дагы жакын жолдошум.
Урушсаң урсаң көтөрөт,
Ай бир уютуп койгон коргошун.

Алыстап кемпир экөөбүз,
Ушакчыга кеп болдук.
Ынтымактуу жашайбыз,
Айта берсин деп койдук.
Бузуку бир топ адамды,
Кудайга салып тек койдук.

Өмүрүбүз өткөнчө,
Экөөбүз бирге жашайбыз.
Кудайым берген насипти,
Бирге олтуруп ашайбыз.
Ар кимдин кирип тилине,
Оң тетири баспайбыз.

Ишибиз кудай оңдосун,
Кыдыр абам колдосун.
Ынтымак, байлык бак берип,
Пайгамбар сага жолдосун.
Бузамын деген адамдар,
Өмүрү жыргап оңбосун.

Кат жаздым кабыл алыңыз,
Зериктик көңүл ачыңыз.
Ичпейсиз мендей аракты,
Оорубайт сиздин башыңыз.

Колума алдым каламды,
Кат жазып айтам саламды.
Өркөнүң өсө берсин деп,
Мен сыйлайм сендей кудамды.

## КОШОК

Кайрылбайм, келбейм мен кеттим,
Кайыр кош аман болгула.
Кайрылышта мүрзөмө,
Кайрылып барып тургула.

Бурулбайм кетти мен эми,
Бирдиктүү турмуш кургула.
Бурулушта мүрзөмдү,
Бурулуп көрүп тургула.

Силер менен бир жүрүп,
Кубаттап колдоор арбагым.
Жүрөр бекен элестеп,
Ноорузбек балам ардагым.

Нервденип кыйнап өзүңдү,
Урушпа бекер балдарды.
Уруксат сурап балдардан,
Зериксең чакыр чалдарды.
*16.09.2009-ж., Б-Терек*

## ЖЕҢЕМЕ

Табылат жеңе дүнүйө,
Аман болсун башыңыз.
Акылга толук жетти го,
Алтымышта жашыңыз.

Бир жылда келет бир майрам,
Сурабайм сизден аракты.
Куттуктап келет жеңем деп,
Күн кечке майрам каратты.

Жан жүрөк жакын Жибек жан,
Көрүнүп коюп жок болду.
Күн батты бирок келбеди,
Дегдеген жүрөк токтолду.

Түшүнбөгөн Шамшарбек,
Түш жооруп келип койбоду.
Майрамың менен аке деп,
Бир жансыз улак сойбоду.

Көп жашаган билет дейт,
Көптү көргөн билет дейт.
Турмушка туура түшүнгөн,
Тууганың башын ийет дейт.

Терметип үйдө бешикте,
Караймын мен кээде эшикти.
Карааның көзгө көрсөтпөй,
Шамшарбек жээним кейитти.

## ЖИБЕК, КАСИЕТ, САЛАН

Азгырба өлөт дегенсип,
Көп тиет али керегим.
Сыйлаймын өтө силерди,
Касиет, Салан, Жибегим.

Сүйлөбөй тилдеп калганда,
Кат жазып жооп айтаарын.
Бузсаңар алдуу кезимде,
Намыска мен да кайтармын.

Жетелеп кармап бергиле,
Ажалым жетип мен өлсөм.

Тирүүмүн кантип көнөмүн,
Кырк жылы өмүр бир сүрсөм.

Уул-кыздар ата-эненин аткан таңы,
Неберелер ата-эненин жашоо шамы.
Кулагыңа угулат мукам үндөр,
Неберенин тилдери чыкса жаңы.

## КАМОКТОР

Камоктор калса жабылып,
Бозорду өңдөр угаарсыз.
Көчөдө баскан адам жок,
Силерсиз көчө кунарсыз.

Булбулдай сайрап турса да,
Кулакка жакпайт сөздөрү.
Жабылып турган камоктон,
Кылчактап карайт көздөрү.

Сүйлөшүп көңүл ачпасак,
Уйку да калат азайып.
Аш-тойго мени жибербейт,
Урушуп кемпир кашайып.

## КӨР ТУРМУШ

Шылдыңдап Токо күлбөгүн,
Бакты деп арам доңузду.
Улуу кичүү биригип,
Өткөрөлү Нооруздү.

Эл кандай десе макулмун,
Чычалап сүйлөп жабышпайм.
Турмуш шарт үчүн жасадым,
Айтылган сөзгө таарынбайм.

Кой, эчки, уюм көбөйсө,
Таштайын мен да бул ишти.
Токтотоор эл да ошондо,
Мага айткан имиш имишти.

Молдо эмес таап адамдар,
Жардам деп сурап келесиң.
Оңолуп кетсем экен деп,
Мал этин карап шимшибе.

## АТА ЖУРТ

Эрдемсинип жашайт кээ бир башкалар,
Мендейлерди душман кылып ташка алар.
Мейли урсун кетсин жаным үзүлүп,
Жаш төгүлүп, жакшы деген кеп калаар.

Мен эңсейин алыс турган Ата Журтту,
Энемдей ардактаймын мактайм сыйлайм.
Кичинекей эл жашаган кыштагымда,
Эс алчу корортуңа алмаштырбайм.

Баратабыз биз картайып барган сайын,
Кезек менен аткардым кызматымды.
Ата журт алдында мен милдеттүүмүн,
Кабыл ал сага деген урматымды!

Кыйын кезек кыйналган бул турмушта,
Ким билет текке кеткен түйшүгүмдү.

Капаланып ойлоноорсуң мен кантейин,
Энедей кошо туулбайт күйчү күндү.

Тоолордо теңселбеген туландарың,
Дем берген жайлоодогу эрке желди.
Айлымдын бекер жүргөн уландары,
Сезе элек чоң бакытты эмгектерди.

**АМАНТАЙ**

Темиркул эле жол башчы,
Амантай кайним аман бол.
Чыдабай ыза кордукка,
Ыр менен сага сундум кол.

Өмүрдүн кетти нечени,
Өткөндү кайним кечели.
Аксакал болуп калдык биз,
Амантай аны сезели.

Тээп, тиштеп жолотпой,
Уруша бербе ормоңдоп.
Мен сыйлайм бекем кармагам,
Атаңдын колун кош колдоп.

Сен эмес кээде аракты,
Атаң менен ичкенмин.
Чалике уруу сыйлашат,
Анткени кыйбас жезденмин.

Амантай кайним ойлонбой,
Айылга барсаң чочуба.
Эл үчүн такыр сүйлөбөйм,
Ушакка кайним кошулба.

Чогулушта бараарда,
Элестетбе сен мени.
Туугандан артык көрөмүн,
Ишенгин чыны мен сени.

Атагы алыс кеткендей,
Арыз жазып, кимди бошоттум.
Өзүмдүн сактап укугум,
Жазуучуга окшоштум.

Жамандык кылсам бирөөгө,
Жан кайним мени сыйлаба.
Билбесең андай кыялым,
Суранам мени кыйнаба.

Азилдешпе өзүмө,
Аксакал болуп калганда.
Жакшы сөз айтып сыйлаба,
Конторуңа барганда.

Пенсия алып бөкчөңдөп,
Мага окшоп бир күн калаарсың.
Жаштыкта калган иштериң,
Ошондо эске салаарсың.

Жаштыкта өпкөм көтөрүп,
Жасагам бир топ иштерди.
Кайра келип калганда,
Какчумун кээ бир иштерди.

Аккуудай чачым агарып,
Ал күндөр калды алыстап.
Акча эмес айын берсең да,
Ал күндү бербейт кайтарып.

## ТАЛДЫ-БУЛАК

Ушундай сонун жер үчүн,
Арнагым келди ырымды.
Талдуу булак үчүн ар убак,
Жашырбай айттым сырымды.
Аңырайган бул чоң сай,
Өткөрдү нечен кылымды.

Уруксат болсо ачайын,
Билимим күчүн аябай.
Талды Булак сырын ачайын,
Мен жайлоонун көркүн жазайын.

Суусасаң суусун кандырат,
Шаркырап аккан чоң булак.
Таттуу кылган самсасын,
Жалбыз, эрмен, ат кулак.
Өмүргө өмүр кошконсуйт,
Жашаган жерим Талды Булак.

Адамдын жазат черлерин,
Аңкыган шашыр жыттары.
Чочутуп коет кээ күнү,
Кумурска, жылан, курттары.
Сайрап бир көңүл көтөрөт,
Мунун кекилик, булбул куштары.

Таңкы убак таза абасы,
Узартат өмүр сабагын.
Кайырмак салып кармашат,
Кара чоор балыгын.
Карасаң туш-туш жактарын,
Эми ачылат сенин кабагың.

## КЕЛИНГЕ (ТООДО ЫРДАЙСЫҢ)
## СЕЙДАНА

Ата-эне элди сыйлаган,
Ыймандуу болуп өскүлө.
Өстүргөн уул-кыздардын,
Урматын бирге көргүлө.

Ынтымак ыйман келбестен,
Ээрчишип бирге жүргүлө.
Турмуштун ачуу таттуусун,
Кеңешип тептең бөлгүлө.

Экөөбүңө каaларым,
Үйүңө бакыт куш консун.
Өстүргөн уул-кызыңар,
Өзүңөргө жыт болсун.

Кут болсун жаштык тоюңар,
Бир болсун, баскан жолуңар.
Түбөлүккө бек болсун,
Кармашкан бекем колуңар.

Сыртында малдын аласы,
Ичинде адам аласы.
Бир тууган болуп жабышат,
Адамдын ичи карасы.

Ойлонуп алыс болгула,
Ок тартып ушак айткандан.
Жакшы сөз сүйлөп жаркылдап,
Жанаша бирге баскандан.

## КЕЛ ДЕЙБИЗ

Үйүнөн чыкпай отуруп,
Кыздарын бактык Саматтын.
Эркелетип, ойнотуп,
Түрлөрүн берип тамактын.

Олтуруп үйдөн чыкпастан,
Өңдөрүм кетет саргайып.
Агарып чачым тез эле,
Калмаксын чындап картайып.

Буулугуп көңүл чыдабай,
Олтурдук араң жети күн.
Уйку жок жаның кейитет,
Узарып күндө ар бир түн.

Уруксат бизге бергиле,
Чаткалга балдар кетелик.
Бул жакта аман болгула,
Туулган жерге жетелик.

Кудайым берсин ден соолук,
Карыдык эми келбейбиз.
Кучакты жайып жыл сайын,
Баргыла балдар кел дейбиз.

## ЭСКЕРМЕ

Ээрчишип ойноп жайкысын,
Терчүбүз түркүн гүлдөрүн.
Жүрөктө сактайм унутпайм,
Биз өскөн ошол күндөрүң.

Эскерип турат жаштыгым,
Кичи кумбел ничке сай.
Моңолдун жолу чоң кумбел,
Көңүлдү көпкө бурган сай.

Чөптөрүн жыйнап жүргөн жер,
Төрөтөл, Аксуу, Бөйрөк сай.
Жашырып турчу талдары,
Сонуну жердин кой сарай.

Жыргатып жаның эргитүү,
Булагы чолок кайыңдын.
Эмгекчил шайыр эл келет,
Туулган менин айлымдын.

Эскерем эстейм өстүргөн,
Тургунбү, Жыргал эжемди.
Ардактап сыйлайм көбүнчө,
Нурийла, Бермет жеңемди.

Бир тууган үкөм деп жүрөм,
Көчкөнбай, Жаркын, Шаймандьı.
Ардактайм сыйлай авыдан,
Айылда Акмат тагамды.

Көрбөсөм калам сагынып,
Жакыпбек курбум өзүңдү.
Кубанып кетем жөн эле,
Көргөндө сенин көзүңдү.

## ЖОЛДОШТОРГО

Кошулуп насип ушинтип,
Олтуруп калсак кез келет.
Мурунку өткөн күндөрдү,
Жүрөлүк достор эскерип.

Вино, арак ичип алышып,
Жүрчүбүз ойноп ал кезде.
Арабыз кетип алыстан,
Жолукпай калдык бул кезде.

Аракка тоюп мас болуп,
Кыз алып качкан күн эсте.
Майрам сайын кошулуп,
Терчи эмес белек гүл десте.

Алыстамын ашып жаныбыз,
Жаштыктан калдык айрылып.
Акча эмес алтын берсең да,
Ал күндөр келбейт кайрылып.

Агарып кара чачыбыз,
Жаныбыз калды улгайып.
Жүрөбүз аман баарыбыз,
Сурашпай калдык кимде айып.

Элеси эсте сакталып,
Өлгөндөр кетти арадан.
Эмен үчүн өтүп кеттик деп,
Ким болмок капа алардан.

Аксакал болдук баарыбыз,
Жүрөлү достор сурашып.
Аз күнчөлүк өмүрдө,
Бир жүрөлү ырдашып.

## КУДАГА

Берчи куда жоргоңду салдырайын,
Катып калган бир терин алдырайын.
Коргонсайга тизгинин кое берип,
Шолоктотуп бир моокум кандырайын.

Атка короо жаныңыз атып сыйлай,
Жатасыңбы чоң куда мага кыйбай.
Соолтобу тизгинин берет койсом,
Өйдө төмөн чапкылап жанын кыйнай.

Ой чоң куда аны сен ойлонбогун,
Билбейсиңби кудаңдын токтолгонун.
Айткан тилди албастан чапкылаган,
Жинди кыял тентектик жок болгонун.

## КЕМПИРИМ

Кемпирим жүрчү алга, колдон тартам,
Бергим бар учарыңа жасап канат.
Жүгүңдү өзүң менен жонума артсам,
Жеңил сезип көңүлдөрүң канаттанам.

Замана гүлдөп барат, түрлөп барат,
Күндөрдүн улам бири кызыктырат.
Учалбай мезгил менен тагып канат,
Өпкөң көөп, жүрөгүң кысып барат.

Чачыңды күндөн күнгө кыроо басып,
Карылык кирип келет билинбестен.
Убакыт учкан куштай сызат шашып,
Закымдап кароолго илинбестен.

Кемпирим мынча улгайып баратасың,
Оорудум деп кээ бирде жапжаш туруп.
Чалыңды убай менен каратасың,
Амалсыз ичтен тынам улутунуп.

## АТА ЖУРТ

Баратабыз биз картайып барган сайын,
Кезек менен аткардым кызматымды.
Ата журт алдында мен милдеттүүмүн,
Кабыл ал сага деген урмат сыйды.

Кыйын кезең кыйналган бул турмушта,
Ким билет текке кеткен түйшүгүңдү.
Капа болуп ойлоноорсуң мен кантейин,
Энедей кошо туубайт күйчү күндү.

Тоолордо тепселбеген туландарды,
Дем берген жайлоодогу эрке желди.
Айлымдын бекер жүргөн уул-кызы,
Сезе элек чоң бакытты эмгектерди.

Эңсеймин алыс турган ата журтту,
Энемдей ардактаймын мактайм сыйлайм.
Кичинекей эл жашаган кыштагымды,
Эс алчу курортунңа алмаштырбайм.

Эрдемсинип жашайт кээ бир башкалар,
Мендейлерди душман кылып ташка алар.
Кыйнап турсун кетсин жаным үзүлүп,
Жаш төгүшөөр жакшы деген сөз калаар.

*24.02.2004-ж.*

## ОЮМДА БАР КӨП НЕРСЕ

Картайып бара жатканда,
Мен тарттым турмуш запкысын.
Шылдыңдап күлдү Токсонбай,
Айтпаймын сөздүн башкасын.

Кыялбай Жоке өзүңдү,
Мен ичип жүрөм аракты.
Ак көңүл адам курусун,
Тыялбай койдум тамакты.

Ойлогон ойго жеткирбей,
Кыстаган турмуш кыйнады.
Кеп кылса кээ бир адамдар,
Жүрөгүм сыздап ыйлады.

Картайып бара жатсам да,
Оңолуш менин оюмда.
Олтурсак деймин ырдашып,
Шар аккан сууну боюнда.

Тилегим кудай бергин деп,
Суранам күндө беш убак.
Жаштыгым кетти алыстап,
Чачымды басып ак бубак.

## ТАЛДУУ БУЛАК

Суусасаң суусун кандырат,
Шаркырап аккан чоң булак.
Өмүргө өмүр кошконсуйт,
Жашаган жерим Талдуу булак.

Адамдын черин таратат,
Аңкыган шашыр жыттары.
Сайрап бир көңүл көтөрөт,
Кекилик, булбул куштары.

Таңдын таза абасы,
Узартат өмүр сабагын.
Карасаң туш-туш жактарын,
Ачылат сенин кабагың.

Ушундай сонун жер үчүн,
Арнагым келди ырымды.
Талдуу булак үчүн чынында,
Жашыргым келбейт сырымды.

Уруксат берсең агайын,
Талдуу булак сырын ачайын.
Билимим күчтүү аябай,
Жайлоонун көркүн жазайын.

Чокусу асман тиреген,
Миңтеке турат заңкайып.
Өңүттөр барсаң текесин,
Кемерде жатат заңкайып.
Көз жоосун алып жайылып,
Кулжасы жүрөт шаңкайып.

Башынан бери карасаң,
Кочон сай турат аңкайып.
Саздары белден буралган,
Чаргын сай турат заңкаып.
Челек-челек сүттү саап,
Сейдана жүрөт балпайып.

Эртелеп туруп Бактыбек,
Уйларын айдайт кериге.
Капканга кармап суурун,
Туз себет күнүгө териге.
Этин жеп күндө суурдун,
Тотулар жүрөт семире.

Чөптөрдүн түркүн түрүн жеп,
Малыбыз биздин семирет.
Кызыл гүлдүү көбүргөн,
Ал оокаттын дамын келтирет.
Көк майданда олтурсаң,
Делебең козгоп эргитет.

Жыттанган түрлүү атыр чөп,
Мээңди сенин сергитет.
Жаш кездей күчүң толукшуп,
Кемпирди көздө демитет.

## САПАРБҮ МЕНЕН ЗУУРАГА

Сапарбү, Зуура келет деп,
Мен тыялбай жүрдүм тамакты.
Кемегип келбей койдуңар,
Койдум мен эми аракты.

Жүрөккө жакын жолдоштор,
Күттүрүп жолду каратат.
Убара болуп келдиңер,
Сапарбү Зуура ырахмат.

Колум, бутум оорутуп,
Карылык мени жадатат.

Келишимге келе албай,
Кейишип жатып таң атат.

Көп сүйлөбөй отур деп,
Балаң да укпай сөзүңдү.
Сүткө түшкөн коңуздай,
Сезесиң жаман өзүңдү.

Карабай баары кетсе да,
Кемпирим карайт өзүмдү.
Урушса, урса мейли дейм,
Ал угат менин сөзүмдү.

## АКЕМЕ

Жашыңыз жетти сексенге,
Дагы да аман жүрүңүз.
Өстүргөн уул-кыздардын,
Убайын аке көрүңүз.

Тыным албай тажабай,
40 жылы кызмат кылдыңыз.
Тарбиялап көптөрдү,
Бухгалтер кылып алдыңыз.

Жашырак кезде сүйүнүп,
Көтөрүп жүрдүң небере.
80 ге чыгып чыкпастан,
Көрдүңүз аке чебере.

Кудайым дагы жаш берсин,
Кубанып жүрө бериңиз.
80 грамм арактан,
Ичели аке келиңиз.

## ОШ ШААРЫ

Ноорузбекти эрмектеп,
Жүрөбүз биз да бул жакта.
Аман болсок бараарбыз,
Март айы жазга Ноорузга.

Талкаланып өрттөлгөн,
Көргөнү келгин Ош жакка.
Элестеп жүргөн күндөрдү,
Бир келип кетчи биз жакка.

Кыдырып көрүп жүрөбүз,
Өрттөнүп күйгөн жерлерди.
Гараждарды үй кылып,
Жашаган байкуш элдерди.

Талкаланып өрттөлгөн,
Биз көргөн базар эми жок.
Жаңыдан көрүп жатышат,
Кыргыз элдин көөнү жок.

Өзүбек эли бүрүшүп,
Жүрүшүөт сыртта чет жакта.
Товарың баары кымбаттап,
Кыйналган элдер бул жакта.

Кечээги ичкен арагым,
Кебетемди карагын.
Кемпирим бооруң ооруса,
Жакшы бир ишке жарагын.

Дем албай ичип аракты,
Ден соолук калды начарлап.

Оокатка такыр көңүл жок,
Кетиптир ичти талкалап.

## УУЛ, КЫЗЫМА

Ата-энемден үйрөнгөн тарбиямдан,
Уул, кызды өстүрдүм эркелетип.
Уктурбай жаман сөзүн башкалардын,
Койгонум жок эч кимге мен желкелетип.

Эркин сезип өздөрүн эркелешти,
Өсө берсин өркүндөп, уул-кызым.
Уул-кызын урматына ээ болгон,
Жыттанган жашыл гүлдөй жарпым жазып.

Эң кенжем Асылбекти ардактаймын,
Ата деген сөзү үчүн картайбаймын.
Аткарсам ой тилегин Асылбектин
Аралап эл арасын дардандаймын.

Жоктобойт мени эч ким деп,
Ойлончу болдум жаш кезде.
Көкөлөп турат көңүлүм,
Төрт уулум өсүп бул кезде.

Кайрылышта мүрзөмү,
Кайрылып көрөр балам бар.
Кабыргасы кайышып,
Кабар алар кызым бар.

Мен өтүп кетсем элдерге,
Балдарым турат дабыштап.
Өткөн жолум эскерип,
Кыздарым турат кабыштап.

## ЭЛ ИЧИНЕН ИЗДЕП ЖҮРӨМ
## (пародия)

Өзүңдү эл ичинен издеп жүрөм,
Өзүңө көңүлүмдү түздөп жүрөм.
Картайган махабатым сен үчүн деп,
Урматтап дайыма мен сыйлап жүрөм.

Өзүңдү эл ичинен издеп жүрөм,
Өзүңө көңүлүмдү түздөп жүрөм.
Жашарып кетемби деп көпкө ойлонуп,
Жароокержаныңдан мен кетбей жүрөм.

Өзүңдү эл ичинен издеп жүрөм,
Өзүңө көңүлүмдү түздөп жүрөм.
Ээрчишип ажырашпай бир жүрөсүң,
Ошондуктан мен өзүңдү сиз деп жүрөм.

## БАШ КОШКОНБУЗ АВГУСТТА

Ардактайбыз август айын биз дайыма,
Анткени баш кошконбуз ушул айда.
Күн өтүп кырк жыл толду ушул айда,
Белгилеп олтурабыз алдыңарда.

Ээрчишип кырк жыл бою жашап келдик,
Аман болсоң мындай күндү көрөт тура.
Күбө болуп келдиңер чоң ырахмат,
Олтургула сөзгө, ырга, бийге көңүл бура.

Өстүрдүк уул-кыздарды,
Кырк жылы жашап экөөбүз.
Урмат-сыйга ээ болуп,
Ырдайлы эми жыргайлы биз экөөбүз.

Эки келин сыйлашат экөөбүздү,
Эки уул угуп келет сөзүбүздү.
Эки уулду үйлөйлүчү өмүр берсин,
Ал келиндер көрүп калсын көзүбүздү.

## СОНУНДА

Жайытты тандап жайылып,
Кой, эчкиң жүрсө кырларда.
Семизин тандап союп жеп,
Жайлоодо жатсаң сонун да.

Желселеп кулун байлатып,
Жылкылар жүрсө жанында.
Кыялдаш достор бириги п,
Кымызын ичсең сонунда.

Аралап аска таштарды,
Асканын жүрсөң боюнда.
Күл аралаш оокат жеп,
Үңкүрдө жатсаң сонунда.

Тамаша айтып күлүшүп,
Бир жүрсөң суунун боюнда.
Көңүлдөш чалдар бириги п,
Аракты ичсең сонун да.

Шарактап ойноп биз жүрдүк,
Шар аккан сууну боюнда.
Малкана болуп конторуң,
Мал карап жүрсөң сонун да.

Карыган кезде эрмектеп,
Кемпирдин жүрсөң жанында.
Кемпирим менен бир жүрүп,
Көңүлдү ачсаң сонун да.

## ЧАТКАЛЫМ

Заңкайган сулуу Чаткалым,
Баратат өсүп жаштарың.
Асманда ойдон кем эмес,
Ак марал сындуу кыздарың.

Чакыргым келет Чаткалга,
Боорунда туруп асканын.
Көрсөткүм келет баарына,
Кайберен, теке жатканын.

Мөңгүлөр каптайт жайкысын,
Ала-Тоо аска таштарын.
Иштен алты ай тындарбайт,
Өрөөндү кең жаркын жаштарың.

Туулган жерим Чаткалым,
Жер издеп сендей таппадым.
Жанымдай көргөн Чаткалым,
Сырымды сенден катпадым.

Жапжашыл өстү түркүн чөп,
Жайкысын сонун Чаткалым.
Алты айлап ак кар жамынып,
Кышкысын тыптынч Чаткалым.

Күйөө бала болосуңар Сейданага,
Көздөй бажа болосуңар Сатылганга.
Күбө болуп катышып кеткилечи,
Сүйүнүчтүү үйлөнүү тоюбузга.

## АПАМА

Айлыма келсем капамын,
Элесин жоктоп апамын.
Кашаттан издейм издерин,
Мурунку өткөн атамын.

Мен жүрөм айыл аралап,
Жүрөктү күйүт жаралап.
Неге сен кеттиң мындан деп,
Тургансыйт айлым табалап.

Ата-энем үнүн уккансыйм,
Жүргөнсүйт колдон жетелеп.
Насаатын угуп тургансыйм,
Көңүлүм куунак эркелеп.

Ата-энем менин даанышман,
Эстесем күйөм капамын.
Көзүмдөн агат жаштарым,
Курдашын көрсөм апамын.

## АЛТЫНБЕККЕ

Арак ичкен адамдар жаман эмес,
Кокусунан челип койчу каман эмес.
Корсулдап тээп тиштеп урушкудай,
Ата-энең уйга салчу саман эмес.

Арак ичет атам деп көп ойлонбо,
Мен түшпөймүн абийирсиз көп жолдорго.
Эрким жетет мен ичпеймин бул арακты,
Бирок мен жетпей калам көп болжолго.

Дүркүрөп өнүп-өсүп турган кезде,
Тилегенмин той берем деп Ноорузбекке.
Тилегиме жетпестен өтүп кетсем,
Алтынбегим дүркүрөтүп той бергин
Ноорузбекке.

Айтылган осуятым не болду деп,
Арбагым карап жатат тээ дөбөдө.
Тирүүмдө ыйлак элем билесиң го,
Арбагым айтып турар түш көргөндө.

Балдарга ата болуп өнүп-өскүн,
Паризат эне болуп мээрим төксүн.
Тарбиялап өстүргөн туугандарың,
Атаңдай ак пейилдүү болуп өссүн.

*18.07.2009-ж.*

## ЖОЛДОШТОРГО

Жолуккан кезде бир туруп,
Тамаша айтсак сонун да.
Арακты ичип бир жүрсөк,
Шар аккан сууну боюнда.

Кара бир чачтар ак болуп,
Карыдык кайда барабыз.
Жолуккан кезде ушинтип,
Жок жерден көңүл ачабыз.

Карысак деле мейличи,
Ден соолук  берсин кудайым.
Өстүргөн уул-кыздардын,
Көрөлү эми убайын.

Өмүрлүү болуп жүрөлү,
Кудайым өзү колдосун.
Жамандык ойлоп жүргөндөр,
Өмүрү жыргап оңбосун.

Карыган кезде жолдоштор,
Балаңдан качып каласың.
Арактын жытын билет деп,
Алыстап андан качасың.

Сөз айтсак укпай кемпирге,
Нары жатың көбөйгөн.
Жашыңда жаман айтпастан,
Уул-кызды төрөгөн.
Мас болуп келсең үйүңө,
Колтуктап алып жөлөгөн.

## ДОСУМА

Орусча сенин мүнөзүң.
Сен менден кабар албастан.
Ар түркүн ишке байланам,
Мен сенден кабар албастан.
Алыстап бара жаткансыйм,
Арабыз жакын калбастан.
Өрттөнүп үйүң жатса да,
Укпайсың уйкуң канбастан.
Шашлык болуп калмаксың,
Коюшса элдер барбастан.

Жолдош деп санайм өзүңдү,
Уккум бир келет сөзүңдү.
Сагынып калам кез-кезде,
Көрбөй бир калсам көзүңдү.
Алыстап кетсең сен менден,
Жүрөсүң эстеп өзүмдү.
Коштошоор күнү айтаармын,
Арнаган сага сөзүмдү.

Сен барсаң жаңы конушка,
Көнө албай бир топ жүрөөрсүң.
Бир жүргөн бизди элестеп,
Өзүңчө карап күлөөрсүң.
Көнгөнчө жаңы конушка,
Кыйналып бир аз жүрөөрсүң.

Кош эми жолдош кайыр кош,
Кайда жүрсөң аман бол.
Уулуңдун көрүп урматын,
Кызыңдын көрүп кызматын.
Аялың экөөң эсен бол,
Кыдыр колдоп өзүңдү.
Кыска болсун узак жол,
Эсиңде болсо ар дайым.
Кармашкан биздин ушул кол.

## ОШТОГУ КҮНДӨР

Өткөрчү элек шарактап,
Майрамды жаштык күндөрдө.
Олтурдум жалгыз элестеп,
Айылдап Ошто жүргөндө.
Кайышып кетти кабыргам,
Шылдыңдап кемпир күлгөндө.

Эшикке чыкпай эч ким жок,
Олтуруп кемпир экөөбүз.
Эскерип эстеп өткөндү,
Карыдык биз да өтөөрбүз.
Чырмады оору кетпестен,
Көрүнөт жакын көрүбүз.

Уул-кыздар урматтап,
Сый көрсөтүп жатышат.
Баары бир эстеп өткөндү,
Жүрөгүм менин ачышат.
Майрамда берип муздак суу,
Жүрөктүн отун басышат.

*23.02.2007-ж.*

## ОЙЛОНУП МЕН ДА ЫР ЖАЗДЫМ

Ойлонуп көпкө отуруп,
Ойлорумду элиме айткым келди.
Көр албас кээ бир адамдардан,
Көрүнбөй мен алардан качкым келди.

Эл үчүн керектүү нерселерди,
Жогортон мен сурап жазгым келди.
Жазуучу айтуучу деп айткандарга,
Жүрөктөгү асыл сырымды айткым келди.

Түшүнбөй ачык менин сырларымды,
Жазуучу айтуучу деп атка койдуң.
Акимдерге көрө электе мени даңктап,
Азыр бол айтуучу деп душман койдуң.

Жазуучу, айтуучу болсом дагы,
Эч кимге жамандыгым тийбегендир.

Соттолуп тергөө берип кыйналышып,
Түрмөнүн кийимдерин кийбегендер.
Сатылгандын айткандары туура дедим,
Тергөөчүгө баштарын ийбегендер.

Чындыгында бир ит көрүп үрөт бириси
көрбөй үрөт,
Түшүнбөстөн көп адамдар күмөнсүрөйт.
Адамга жамандыкты ойлогондор,
Көрөрсүңөр алар көпкө өмүр сүрбөйт.
*25.02.2007-ж.*

## ЧАТКАЛЫМ

Алыста жүрсөм сагынам,
Ата журтум Чаткалым.
Өрөөнү кенен жайкалган,
Мал киндиктүү Чаткалым.

Элесиң кетпейт көзүмдөн,
Туулган жерим Чаткалым.
Эркимче ойноп чоңойдум,
Энемдей сезем Чаткалым.

Күндүзү түнү мен жүргөн,
Түшүмдөн кетпейт күндөрүң.
Келет деп күтүп тургандыр,
Атыр жыттуу гүлдөрүң.

Малынын эти бир башка,
Көк жашыл шамыр жыттанып.

Жайлоодо малын карасаң,
Жүнүнөн жытуу май тамат.

Көңүлүң ачат адамдын,
Жыттанган жыпар жыттарың.
Азгырат ар бир адамды,
Ак куудай сулуу кыздарың.

Өзүнчө сонун керемет,
Жүрчүбүз ойноп жарышып.
Ташкончок ойноп жериңде,
Үй-бүлө куруп алышып.
Колумдан келсе бөпөлөп,
Көтөрүп сени алмакмын.
Кетсем да өтүп дүйнөдөн,
Бейишке алып бармакмын.

## КАРЫЛЫК

Кайда кеткен алдуу күчтүү жаш чагым,
Кайда кеткен ачык күнүм, асманым.
Кулак укпай, баш айланып дүңгүрөйт,
Бой талыкшып, өзгөрүптүр басканым.

Олтурамын көп ойлонуп эскерип,
Бир көргөнүм миң кайталап эринбей.
Элестетем өмүр жолун басканым,
Катка жазып олтурамын зерикпей.

Мезгил кетет каркырадай тизилип,
Күн өтөт көзүн жумуп сүзүлүп.
Денең муздайт калчылдатып кармасаң,
Жатасың сен өмүр кетет үзүлүп.

## ӨТКӨН КҮН

Агарып чачым калганда,
Көп бастым турмуш жолдорун.
Ойума албай жүрүпмүн,
Жаштыгым келбей коерун.

Кыйкырсам дагы үн созуп,
Кайрылып келбейт өткөн күн.
Элестейт бирок өзү жок,
Жаш кезде көргүн жарык күн.

Карылык башка келгенде,
Шилтенбейт бутун шаштырып.
Алыстап калат турбайбы,
Жаш кезде күлгөн каткырык.

Олтуруп калат экенсиң,
Жаштыгың менен коштошуп.
Бириңе-бириң эш болуп,
Кемпириң менен окшошуп.

## КОШОК

Таалайга бүткөн күн элең,
Таңдагы чолпон үн элең.
Толкуганда кармаган,
Тоодогу кызыл гүл элең.

Түбөлүккө муңкайып,
Түңүлттүң менин кебимди.
Сүрөтүңдү карматып,
Сумсайып жүрсүн дедиңби.

Ак көйнөк кийдиң нар кылып,
Акырек жагын тор кылып.
Акырет кетип жан курбум,
Артың сенин зор кылып.

Көк көйнөк кийдим тор кылып,
Көкүрөк жигин тор кылып.
Көрүнбөс жакка сен кетип,
Көбүнчө мени зор кылып.

Кудайдан күндө тилеймин,
Аман кылсын калганын.
Жаш да болсом көтөрөм.
Жазуудa башка салганын.

Ак булутка тор кылдың,
Бейитиң сенин карадым.
Жашоодо бирге жүрө албай,
Турмушта неге жаралдым.

Кичи Кумбел Талдуу булак,
Түр жайлоого мен көнбөй.
Түшүмдөн кетпей койдуң да,
Түбөлүк жолдош мен болбой.

Мойнума мончок тагыным,
Жүрөмүн сени сагынып.
Уктасам түштөн кетпейсиң.
Желбегей пальто жамынып.

Карарган дарак башында,
Кайрылбай булбул сайрасын.
Кайра бир үйгө келбеген,
Кабыланым менин кайдасың.

Бурулуп чыккан даракка,
Булбулдар конуп сайрасын.
Бурулуп үйгө келбеген,
Муңдашым жаным кайдасың.

Эми эстесем курбум табылбайт,
Ойлосом жүрөк жалындайт.
Айта берсем арманды,
Арманым менин арылбайт.

Убайым түбү жел кайык,
Өмүрүм өтөөр муңкайып.
Кудайым берсин бейишин,
Жүрбөгүн сен да муңайып.
Жаралуу куштай жете албай,
Жатабыз биз да муңайып.

## ЖЕР ТЭЭП БИЙЛЕП ЖЫРГАЙЛЫ

Элестеп өткөн жаштыкты,
Келчи эми кемпир ырдайлы.
Көңүлдүн черин таратып,
Жер тээп бийлеп жыргайлы.

Өкүрсөң дагы кайрылып,
Өткөн күн келбейт турбайбы.
Карылык келсе жаштык кез,
Колуңда болбойт турбайбы.

Элүүдөн жашың өткөн соң,
Ээликмен кетет турбайбы.
Колунан эмне келет деп,
Жаштарың качат турбайбы.

Эрмектеш болуп бир жүргөн,
Кемпириң жүрөт жанында.
Табы айнып калса жөтөлүп,
Болосуң анын камында.

Жаш өтсө байкуш чалым деп.
Кемпириң күйөт турбайбы.
Жолобой качып алыстап,
Балдарың да күчөйт турбайбы.

Кетсе да жаштык алыстап,
Кел кемпир бийлеп ырдайлы.
Азилкеч боло калам деп,
Жаштарга көңүл бурбайлы.

Кетсе да чачың агарып,
Картайбайт жүрөк турбайбы.
Көңүлдүү болбой жаштарга,
Карылык кезди ырдайлы.

## КОШОК

Ак кептер учат кыр менен,
Ак мечит бүтөт сыр менен.
Акырет кеткен сени ойлоп,
Асылым өксүйт муң менен.

Көк кептер учат кыр менен,
Көк мечит бүтөт сыр менен.
Акырет кеткен сени ойлоп,
Көңүлүм өспөйт муң менен.

Ак боз ат минсем бели бош,
Акырет кеттиң кайыр кош.

Көк боз ат минсем бели бош,
Көрүнбөй кеттиң кайыр кош.

Көк жибектен жоолугуң,
Көркөмдүү элең порумуң.
Көрүнбөйт эми элесиң,
Көңүлдөн кетпейт жоругуң.

Сар жибектен жоолугуң,
Сандалдай эле порумуң.
Санасам деле келбейсиң,
Санаамдан кетпейт жоругуң.

Алты кулач кыл аркан,
Алты бүктөп капшырдым.
Акырет кеткен өзүңдү,
Аманат жанга тапшырдым.

Жети кулач кыл аркан,
Жети бүктөп капшырдам.
Жекелеп кеткен өзүңдү,
Жан кудайга тапшырдым.

Түшүмдө жетпейм тал көрүп,
Кериге чыккан жашыл чөп.
Керимсал укса Соолбойбу,
Керилген жигит тапса да,
Кемпирим кечирим сурап койбойбу.

Талаага чыккан жашыл чөп,
Тоо шамал урса болбойбу.
Тоодой бир жигит тапса да,
Кемпирим кайыр кош айтып койбойбу.

Кыяда өскөн кызыл гүл,
Суу тийбей калса соолбойбу.
Сулуу бир жигит тапса да,
Кемпирим суранып койсо болбойбу.

Жайыкта өскөн жашыл чөп,
Жайбаса жамгыр соолбойбу.
Жашадым кеттим сенден деп,
Кемпирим жашыруун айтып койбойбу.

Күзгө маал жашыл чөп,
Куурап калат турбайбы.
Турагың өтүп калган соң,
Курдашың чанат турбайбы.

## ЖОРОГО

*19.08.2004-ж.*

Толкунданып кубанып,
Берген тоюң кут болсун.
Урук-тууган, ата-энең,
Баардыгы аман бар болсун.
Ушундай жакшы күндөрдө,
Сени менен бир болсун.
Жарыкка келген небереӊ,
Кудагый, куда, мурдуңарга жыт болсун.
Куттук ырдап тойлордо,
Мендей кудаңар аман бар болсун.

Кыйналып ичкен арактан,
Төшөктө жатам тура албай.
Катыша албайм тоюңа,
Мен кантем коем суранбай.
Качкандай болуп калбайын,

Бут ооруп жатам басалбай.
Таштадым такыр арακты,
Эч кимден деле бата албай.

Кыялбай Жоке өзүңдү,
Ичип ко жүрөм аракты.
Ак көңүл адам курусун,
Мен тыя албай койдум тамакты.
Алтымыш жаштан ашып мен,
Мен жетекчи кылдым Саматты.
Кокомду жулуп алсаң да,
Мен ичпейм, койдум аракты.

Чыксам да эми көчөгө,
Уруксат сурайм Саматтан.
Ажырайт окшойт ушинтип,
Бир жүргөн жакшы жамааттан.
Дайыма кошо жүрөмүн,
Кутултсаң мени арактан.

## САМАТКА

*15.07.2004-ж.*

Ыр жазыптыр атам деп,
Саматбек капа болбогун.
Түшүнүп ар жак, бер жакты,
Акылың менен ойлонгун.

Уктабай эрте тургула,
Насибиң сурап саарлап.
Чөнтөгүң толо пул болсо,
Жүрөсүң балам шаарлап.

Жүрөгүм ооруйт чын эле,
Кетейин мындан сакайып.
Жолдорун тосуп чочконун,
Олтурбайм турам какайып.

Кубалап жаным кыйналды,
Шүүдүрүм чөпкө суу болуп.
Адамдан артык бекинет,
Калыптыр каман куу болуп.

Коелу камап каманды,
Саматбек сенден суранам.
Шүүдүрүм чөпкө суу болгон,
Шымымды чечип курганам.

Өстүргөн индук, чочкоңду,
Сата бер балам талашпайм.
Эмгегим эстеп койбосоң,
Экинчи мал карашпайм.

Кыздарың өзүң бага бер,
Бакырайган көзүңдөн.
Ата-эне болуп бөлүндүн,
Алыс жүр эми өзүмдөн.

Күч кетип балам карыдык,
Кабар алып тураарсың.
Биз ооруп жатсак төшөктө,
Балам, кандай деп барып сураарсың.

Кор болсом ооруп эжемдей,
Карабай таштап кетпегин.
Балдарың таштап кетти деп,
Сөз кылат элдер эстегин.

Тирүүмдө ата деп,
Оорусам жүрбө папа деп.
Өзүңө катуу сөз келет,
Кайрылып сага айттым кеп.

Ойлонсоң ата-энем деп,
Элесим эстеп жүрөрсүң.
Акылсыз адам экен деп,
Жакпасам тилдеп күлөөрсүң.

Кайтарганым уй, чочко,
Ээн сайда кол башта.
Балдарым алыс, келишпейт,
Окушат шаар чоң Ошто.

Кор болбой келин балама,
Кул болуп иштейм кантейин.
Бир күн да жатпай төшөктө,
Шок элк өлүп кетейин.

## АМАНТАЙГА

*04.11.2004-ж.*

Акчаң көп үчүн Амантай,
Шылдыңдап мени күлөсүң.
Байкатпай ички сырларың,
Көчөдө басып жүрөсүң.
Жаштыгың кетип мурдагы,
Өзгөрүптүр мүнөзүң.

Картайган сайын ошентип,
Катындын тилин аласың.
Качып, силкип урса да,
Кантесин карап турасың.

Уул, кызың чоңойду,
Аларга көңүл бурасың.

Тууганың эле чанбасын,
Иманаалы Нарбайды.
Өчүрүп учкун сөздөрүн,
Айтчу эмес эле жалганды.
Кыялбас кайним сен элең,
Кимге айтат элем арманды.

Калемиң учу курч экен,
Кадырлар кетти дыркырап.
Амантайды көргөндө,
Жүрөктөр турат зыркырап.
Катарыңа келгенде,
Кара таш калат быркырап.
Адамды жанга теңебей,
Турасың каап ыркырап.

Кыялдын чертип кылдарын,
Кылымга кетти сырларым.
Унутпай эстеп ырдап жүр,
Мен арнап жазган ырларым.

## КӨРСӨМБҮ ДЕЙМИН ЧЕБЕРЕ

*21.03.2005-ж.*

Тамаша айтып күлүшүп,
Тергенбиз кызыл гүлдөрдү.
Ээрчишип жүрүп ошентип,
Өткөрдүк жаштык күндөрдү.

Асмандап өскөн чынарга,
Ал калбай калды чыгаарга.

Өстүрдүк уул, кыздарды,
Айткан бир сөздү укканга.

Көкөлөп өскөн чынарга,
Күч калбай калды чыгаарга.
Бапестеп бактык балдарды,
Барктап бир сөздү укканга.

Сүйүнүп жүрөм бул күндө,
Көтөрүп жонго небере.
Тилегим берсе кудайым,
Көрсөмбү дейм мен чебере.

Карылык келип такымдап,
Чачыбыз биздин агарды.
Тилейм күндө беш убак,
Аман бир койсун балдарды.

## КАНА КЕМПИР БИЙЛЕЙЛИ

Ушул Нооруз майрамда,
Кана кемпир бийлейли.
Уул, кыздар өсүштү,
Кайгы-капа билбейли.

Ден соолуктун барында,
Кана кемпир ырдайлы.
Тирүүлүктө ошентип,
Ырдап бийлеп жыргайлы.

Карап турган калың эле,
Аман эсен болгула.
Биз өтсөк ушул дүйнөдөн,
Эстеп күлүп койгула.

## КЕМПИР СЕН УКЧУ СӨЗҮМДҮ

Көп ойлоп сенин өзүңдү,
Жалынга салам өзүмдү.
Картайган кезде кыйнабай,
Кемпир сен укчу сөзүмдү.

Саздакка өскөн сары гүл,
Суусуз бир байкуш соолбойбу.
Сулуу бир жигит издебей,
Санаалаш болсон болбойбу.

Кериге өскөн кызыл гүл,
Керимсал урса соолбойбу.
Күчтүү бир жигит издебей,
Көңүлдөш болсоң болбойбу.

Жайыкка өскөн жашыл чөп,
Жамгырсыз байкуш соолбойбу.
Жаркылдап күлүп жанымда,
Жанаша жүрсөң болбойбу.

Карыган кезде чырдашпай,
Кыялды кемпир оңдойлу.
Көйкөлүп басып көчөдө,
Көптөргө шылдың болбойбу.

Аракты ичип шарактап,
Жүрөбүз басып дардактап.
Кайтарып жүрүп өзүңдү,
Баса албай калдым калдактап.

Күндөлүк суусун бербесең,
Бак-дарак байкуш соолбойбу.

Бакылдап жүрүп бир күнү,
Балдарга уят болбойлу.

Ойлонуп ар жак, бер жакты,
Өлүмдү кемпир ойлойлу.
Жоргосун койбойт дедирип,
Жолдошко уят болбойлу.

## БАРМАКМЫН УЧУП БЕЛЕСТЕП

*25.05.2005-ж.*

Түндөгү көргөн түшүмдө,
жүрүпсүз менден алыстап.
Кемпирим качан келес деп,
Үн салып жүрөм дабыштап.

Уйкумдан чочуп ойгоном,
Кемпирим сени мен эстеп.
Канатым болсо мен азыр,
Бармакмын учуп белестеп.

Жөнөтпөй койду акча деп,
Болупсуң капа мен жактан.
Теңтушун таап алган деп,
Ушак кеп угам сен жактан.

Жалган сөз болсун мен уккан,
Көзүмдү боеп алдаба.
Акчасы көп да аял жок,
Аларга кемпир алданба.

Өмүрдүн кызыл гүлдөрүн,
Жүргөнбүз бирге теришип.

Калбасын кокус көңүл деп,
Жүрөбүз дайым ээрчишип.

Билесин өмүр алысын,
Сен таптың анын дабасын.
Дарыгер болуп алгансын,
Жүрөктүн таап дарысын.

Карыган кезде чырдашпай,
Жүрөлү кемпир сыйлашып.
Сүйлөбөй тилден калганда,
Коелу көздү ымдашып.

## КҮЛҮП БИР КОЙЧУ БИР КАЙРА

Биз жүргөн жаштык күн кайда,
Биз үзгөн кызыл гүл кайда.
Элестеп жаштык күндөрүң,
Күлүп бир койчу бир кайра.

Жалбырак учат дилдиреп,
Жабыккан түрүн билдирет.
Жан барда ырдап күлүп ал,
Жашообуз канча ким билет.

Күз болду чөптөр саргайды,
Күн өттү чаттар агарды.
Урматтап сыйлап өткүлө,
Улгайган байкуш чалдарды.

Кыялдын чертип кылдарын,
Кылымга кетти сырларым.
Элестеп ырдап жүргүлө,
Эскерген ушул ырларым.

## ҮЙЛӨНҮҮ ТОЙГО

Кетпесинчи кубанычтар, күлкүлөр,
Жандап жүрсүн сагынычтар, сүйүүлөр.
Бекем болсун түбөлүккө басчу жол,
Бирге жүрсүн таттуу кыял үмүттөр.

Кут болсун дейм үйлөнүү той күнүңөр,
Бек болсун дейм кубанычыңар, сүйүүңөр.
Той күнүндөй шарактай бер бапырап,
Бак-таалайга, ырга толсун үйүңөр.

Ага, ини элди аркалап жүргүлө,
Бак-таалайлуу узун өмүр сүргүлө.
Ынтымактуу кол кармашып бир жүрүп,
Махабаттын терең көлүн сүзгүлө.

## ЖОЛДОШТОРГО

Кошулуп насип калганда,
Олтуралы бет келип.
Мурунку өткөн күндөрдү,
Коелу достор эскерип.

Майрам сайын кыздарга,
Берчи эмес белек гүлдесте.
Аракка тоюп мас болуп,
Кыз алып качкан күн эсте.

Агарды кара чачыбыз,
Жашыбыз калды улгайып.
Жүрөбүз аман баарыбыз,
Сурашпай калдык кимде айып.

Аксакал болдук баарыбыз,
Жүрөлү достор сурашып.
Азкунчүлүк өмүрдө,
Бир жүрөлү ырдашып.

## КАРЫЛЫК КЕЛДИ ТАКЫМДАП

Капкара чачым ак болуп,
Карылык келди такымдап.
Эч нерсеге ал жетпей,
Жаагым калды шакылдап.

Жаш кезде ойноп шарактап,
Мен дагы жүргөм бакылдап.
Урмат-сый менен жүрөлү,
Көрүбүз калды жакындап.

Эскерип айтып жүрөлү,
Элеси калган жаштыкты.
Тамаша кылып күлөлү,
Ал кезде төккөн мастыкты.

Өкүнсөң дагы карйылбайт,
Жүрөлү эстеп өткөндү.
Кылалы тообо кудайга,
Моюнга алып өлгөндү.

## ЭСКЕРМЕ
***(кемпирге)***

Айран, сүт ичип күнүгө,
Жатабыз тоонун башында.
Алыстап баспай кемпирдин,
Отурам жылбай кашында.

Таягым кармап талаада,
Торпокту жүрөм кайтарып.
Барбас кылып айылга,
Мизимди койгон кайтарып.

Таап келсе бир шише,
Сүйүтбек ымдап шаштырат.
Жарым карыш жылдырбай,
Кемпирим каттуу кайтарат.

Туалетке барам деп,
Суранып чыгам эшикке.
Барамын басып зыпылдап,
Сүйүтбек турган тешикке.

Жалтаңдап карап кемпирди,
Ошентип күндү өткөрөм.
Каргышын укпай жүрөм деп,
Кошомат кылып күн көрөм.

Капталдап жайып торпокту,
Жеткирип келдим дөбөмө.
Иш кылып жүрөм мен деле,
Ура көрбө төбөмө.

Картайган кезде кемпириң,
Кожоюн болот турбайбы.

Каяша айтсаң жаш кездей,
Келтек менен урбайбы.
Арак ичкен күндөрү,
Тартып кирет сурнайды.
Баш иесиң кантейин,
Жетекчи койсо куурайды.

Карышып кууп аласың,
Адамды эгер кектесең.
Апкаарып шашып каламын,
Акшыйып мени тиктесең.

Урушуп кээде каласың,
Кош кабат үнүң заңкылдап.
Жылмайып күлүп карасаң,
Жаныңда жүрөм даңкылдап.

Кубат алам өзүңдөн,
Шаңк этип күлүп карасаң.
Жанымды коюп жайына,
Жан кемпир ишке жарасаң.

Урушсаң деле жүрөмүн,
Урсаң да мейли күлөмүн.
Картайдым кайда бармакмын,
Колуңда жүрүп өлөмүн.

Жаш кезиң кетти сенин да,
Мас кезим кетти менин да.
Картайган кезде чырдашпай.
Ынтымак бизде болсун да.

Ээрчишип жүрүп экөөбүз,
Өткөрдүк жаштык күндөрдү.

Сыйлашып кемпир жүрөлү,
Чыгарбай бийик үндөрдү.

Жашаган биздин бул күндөр,
Тарбия болсун балдарга.
Көңүлүң бурбай түз жүргүн,
Машина минген чалдарга.

Мен кеттим эми алыстап,
Күнөмдү сура калыстап.
Суранам сенин өзүңдөн,
Окуп жүр куран дабыштап.

*20.05.2008-ж.*

## ДҮЙШӨНГӨ

Арабага батпадык,
Автобус менен кетебиз.
Кыйналсак деле макулбуз,
Кечкире үйгө жетербиз.

Кайыр кош куда аман тур,
Алыстап кеттим жаныңдан.
Кабар алып турушар,
Жамгырчы кудаң айылдан.

Көрүшөрбүз баарыбыз,
Оштон келсе Ноорузбек.
Ноорузбектин арытан,
Уулдуу болсун Саматбек.
Сүйүнүп абдан жубалы,
Уулдуу болсо Алтынбек.

## ГҮЛБАЙРАГА

Эскерме жазып жүрөйүн,
Карызга берчи бир дептер.
Ойлонор замат жазбасаң,
Унутта калат көп кептер.

Биз өлсөк артта балдар бар,
Кутултаар бизди карыздан.
Көтөрүп көөнүн коеюн,
Кемпирим сүйүнүп калсын абыдан.

Туулуп бүгүн ыңаалап,
Ыйлап жатат Сейдана.
Сооротуп үнүн басайын,
Арактан берчи төрт даана.

Алыстан туруп кат жаздым,
Кудагый капа болбогун.
Айтып койдум азыраак,
Арман күү ичке толгонун.

Кат жазыптыр кудаң деп,
Салам айт Дүйшөн кудама.
Кош эми аман болгула,
Ыр жаздым бир аз кудама.

*12.05.2008-ж.*

## КЕЧИРИМ СУРАЙМ СИЛЕРДЕН

Капкара чачым агарып,
66 жаштамын.
Бул жашка чейин балдарым,
Кыйла жолду баскамын.

Тергебей жакшы, жаманын,
Көп адам менен басканмын.
Арак ичип шарактап,
Көп жолу көңүл ачканмын.
Чыр-чатак эмес сүйлөбөй,
Көп эле уктап жатканмын.
Жытын билип коет деп,
Атаман бир топ качканмын.
Таарынып калса жолдоштор,
Кечирип сурап жасканмын.
Жолдош деп жүргөн көптөргө,
Жакшы эле сөзүм айтканмын.
Аксакал болуп көп жерде,
Иш бүтүрүп кайтканмын.
Арам жебей ак иштеп,
Жетпесе малым сатканмын.
Кеңешчи болуп элдерге,
Көп жакшы сөзүм айтканмын.
Карыдым эми кантейин,
Сүйлөбөс болуп калганмын.

Апаңар менен 40 жылдап,
Жашап келдим чырдашпай.
Картайдык эми экөөбүз,
Коелу кантип сыйлашпай.
Ажал жетип күн бүтсө,
Коелу кантип ыйлашпай.
Өйдө-ылдый иш болсо,
Жүрө албайбыз сырдашпай.
Картайган кезде бизди эми,
Балдар коюшса экен кыйнашпай.

Өткөргөн кыял жоругум,
Сурагыла элдерден.
Күнөөлүү болдум бир жолу,

Кечирим сурайм силерден.
Көңүлүңөр тазарсын,
Мен үчүн болгон кирлерден.

Урушуп жаман көрбөгүн,
Асенек балам эми сен.
Кайталанбайт бул кыял,
Убада берем чындап мен.
Саматбек, Төкө балдарым,
Кечирим сурайм дагы мен.

Түбөлүк ата-баладай,
Жүрөлү эми сыйлашып.
Чогулуп бирге олтуруп,
Чечкиле ишти сырдашып.
Жамандык башка иш түшсө,
Тургула чогуу ыйлашып.

Беш, алты айлап жашадым,
Үйүңдө балам кыйналба.
Өстүргөм сени мен дагы,
Ойлонуп мени сыйлагын.

Кадырым менин билерсиң,
Мен өтүп кетсем дүйнөдөн.
Элестетип жүрөсүң,
Мен басып өткөн күндөрдөн.

Сыйлаймын өтө билбейсиң,
Сен мени деги ким дейсиң.
Ата экеним билбестен,
Ормоңдоп күндө тилдейсиң.

Тилдемек тургай урсаң да,
Көтөрөм кантем чыдаймын.

Үйүңдөн кууп чыксаң да,
Өлөйүн кенжем сыйлаймын.
Көрсөтпөй көзүм эч кимге,
Көрүнбөс жерде ыйлаймын.

Кош эми кенжем аман бол,
Кечирим сурап сундум кол.
Кудайдан сурайм күндө мен,
Тийбесин сага суук кол.
Өркүндөп, чардап өсө бер,
Көбөйсүн, болсун акчаң мол.
Алганың менен тең карып,
Түбөлүк балам эсен бол.
Тийгизбей колун эч кимдин,
Ноорузбекке азыр бол.

Жатсам да жердин алдында,
Арбагым колдойт өзүңөр.
Мен үчүн кандай десең да,
Угуп жатам сөзүңдү.

*28.03.2008-ж.*

## КУДАГЫЙГА

Шыбыр, шыбыр кеп угам,
Эстебес шым уурдады деп угам.
Карызды тездеп бергин деп,
Саматы кууду деп угам.

Нервиңди бузба кудагый,
Кутулабыз карыздан.
Төрт балам төлөп бербесе,
Кыйналбай сотко арыздан.

Алганда карызга жалдырап,
Бербей койгон ким экен.
Убактылуу күтүп жүр,
Өстүргөн бизди бул менен.

Кул болсом да сыйлашып,
Куда болдум өзүңө.
Жан эргип угуп турамын,
Жарк этип айткан сөзүңө.

Дүйшөнгө айттым сырымды,
Кудагый бизди кечиргин.
Суранам сенин өзүңдөн,
Көңүлдүн кирин кетиргин.

Сыйлашып бирге жүрөлү,
Шак этип бирге күлөлү.
Колтукташып бир басып,
Аралап элди жүрөлү.
Ачык айтып ак сүйлө,
Бул иште кимдер күнөөлүү.
Карызыбыз бар чынында,
Бул айткан сөзүң жүйөөлүү.
Арак ичкен карыз алып,
Сатылган кудаң күнөөлүү.

Бир айлап сенин алдыңа,
Барбай койдум өзүңө.
Алыстан угуп ушак кеп,
Капа болдум сөзүңө.
Жоолугуп бир күн калаармын,
Айтаармын сөзүм өзүңө.
Багышча жалган айтпаймын,
Тик туруп айтам көзүңө.

Тоодо жатып эс алган,
Кудаңды куда кыйнаба.
Жаман сөз айтсам кокустан,
Өмүрү мени сыйлаба.
Мен өтүп кетсем дүйнөдөн,
Батага барып ыйлаба.

Сыйлашабыз экөөбүз,
Өмүр өтүп кеткенче.
Туралы күтүп экөөбүз,
Ноорузбек үйлөнүп жашы жеткенче.
Сыйлашып бирге жүрөлү,
Жетелеп ажал кеткенче.

Саламдашып жүрөлү,
Ушагын элдин укпастан.
Кечирип койгун кудагый,
Сен үчүн жаздым бир дастан.

*05.06.2008-ж.*
*Талды-Булак*

## КУДАМА

Карызыбыз бар силерден,
Ойлонуп биз да жатабыз.
Балдар келет жакында,
Мал бар го аны сатабыз.
Кутулуп оор бул арыздан,
Көңүлдү биз да ачабыз.
Ачык айтып ак сүйлөп,
Көчөдө бирге басабыз.

Бергин деп карызды күнүгө,
Күтүп тур бир аз шаштырба.

Салам айтып элдерден,
Көңүлдү куда калтырба.
Ушагын угуп ар кимдин,
Күнөөлөп мени жазгырба.

Түшүнгүн куда чынында,
Малдардын ээси мен эмес.
Кутулушаар карыздардан,
Балдарым элден кем эмес.
Убакты карызын бербеген,
Көчөдө жалгыз биз эмес.
Айтылып жүрөт бул күндөр,
Көңүлдө жүрөт бир элес.

Бир арыктан суу ичип,
Атаңдын ичкем чайларын.
Эркелеп төрдө олтуруп,
Апаңдын жегем майларын.
Коңушу болуп бир жашап,
Көргөнбүз майда сайларын.
Унутпайм, эстейм түбөлүк,
Атаңдын салган жайларын.
Эгиздеп козу, кой алып,
Багышканбыз малдарын.
Ардактап сыйлайм дайыма,
Өстүргөн анын балдарын.
Элестеп ыйлайм кез-кезде,
Маркстын кары чалдарын.

## КУДАГЫЙГА

*25.06.2008-ж.*

Кудагый, куда кечиргин,
Суранып сизди жатабыз.
Ачыгын айтпай сырымды,
Силерден кантип катабыз.

Каргай бербе жөн эле,
Эсте бар сизден карзыбыз.
Кабар албай койду деп,
Силерге жазган арзыбыз.

Эки шише арактан,
Көбөйөт бекен карзыбыз.
Асылбек келсе жакында,
Үзүлөөр биздин карзыбыз.
Ошого чейин кудагый,
Кабыл ал ушул арзыбыз.

## МАНАСКА ЭСКЕРМЕ

*13.08.2008-ж.*

Таласка барып келем деп,
Жөнөдүм бүгүн Чаткалдан.
Катуулап айдап келе атат,
Карабай арык, таштардан.
Келе атам жолду карабай,
Көздөрүм өтүп аскадан.

Узак жол болду басканым,
Убара тартып бир жаным.
Картайганда кээде кыйналып,
Карачы өздөн асканмын.

Арагын ичпей көптөрдүн,
Манаска көздөй качканмын.

Кадыр, сый көрүп кайтканбыз,
Узун булак жайлоодон.
Ырдап да берген себебим,
Мен чыктым эле байлоодон.
Баш оору болуп калыппыз,
Ичиңде арак, сыртыңда ысык
кайноодон.

Урмат-сый көрүп үйүндө,
Олтурабыз Манастын.
Өстүрүп уул-кыздарын,
Манасым жайсын канатын.
Көп жерде жүрсүн мактанып,
Сатылган айтып санатын.

Кыялдын чертип кылдарын,
Кылымга кетти сырларым.
Эстелик кылып ырдап жүр,
Маке, мен айткан ушул сырларым.
Бир келген мейман эле деп,
Сен айтпай жүргүн чырларым.

## КЕМПИРГЕ

Араккеч акмак экен деп,
Башкага көңүл бурдуңбу.
Баш кошуп майли тийип ал,
Мен көргөн такисит молдоңбу.

Арак ичкен адамдар,
Ак пейил болот байкагын.

Тээп тиштеп каргабай,
Алтындай кылып чайкагын.

Кудайым кошсо насибиң,
Көрөрсүң жашап молдоңду.
Арманда болуп эстерсиң,
Кырк жылы минген жоргоңду.

Бутунан туруп алсын деп,
Мен күтүп жүрөм балдарды.
Албайт экен кудайым,
Ак көңүл мендей чалдарды.

Өлтүрбөй эле кете бер,
Максатыңа жете бер.
Жакпай калса ал молдоң,
Кайрылып кайра келе бер.

Мен чанбайм күтөм өзүңдү,
Мен угам жакшы сөзүңдү.
Алдамчы ойнош молдого,
Алмаштырбайм көзүңдү.

## САНАМ ЭЖЕМЕ

Айрылышта мүрзөсүн,
Ар күнү барып сиз көрөс.
Ашуу ашып бир келсем,
Айланып барып мен көрөм.

Бурулушта мүрзөсүн,
Бурулуп карап сиз көрөс.
Буулугуп эңсеп бир келсем,
Бурулуп барып мен көрөм.

Кайрылышта мүрзөсүн,
Карап өтүп сиз көрөс.
Кайгырып эңсеп бир келсем,
Кайрылып барып мен көрөм.

Эңкейиште мүрзөсүн,
Элестеп күндө сиз көрөс.
Туз насип буйруп бир келсем,
Эзилип ыйлап мен көрөм.

Түз жерде жаткан мүрзөнүн,
Түбөлүк карап сиз көрөс.
Келгенде айыл тарапка,
Түңүлбөйм барам мен көрөм.

Жанында кошо олтуруп,
Угалбай калдым сөздөрүң.
Колум менен узатып,
Көрө албай калдым көздөрүң.

Эшикте туруп өкүрүп,
Кыла албадым ызатың.
Көз жаш чыгып турдубу,
Биле албадым муратың.

Өлүгүңө жетпестен,
Мен кийин бардым өкүрүп.
Отурган үйүн көргөндө,
Көзүмдөн жашым төгүлүп.

Байкасам өлүк чыкканча,
Эч бири ыйлап турбаптыр.
Жок экен эч кимиси деп,
Келини ызат кылбаптыр.
Жалгыз эле Анарбек,

Жашылданып турбаптыр.
Боз үйүн сактай албастан,
Ар жерден боз үй сураптыр.
Жаткан жерин эскерип,
Суу куюп күндө турбаптыр.

Башына барып бакырып,
Бардык элди чакырып.
Куран окуп ал жерге,
Ызатын акем кылбаптыр.
Чыгары менен өлүгү,
Үйүнө көздөй кетиптир.
Кыркына чейин күтпөстөн,
Кыйналып акем шашыптыр.

Мусапыр өлүк дегизген,
Шарты экен Талас элинин.
Жалгызымдын жары деп,
Жакшы эле көрчү келинин.
Чогулткан мата кечесин,
Көрчү элем дайым эжемин.
Эч нерсеси жок десе,
Эзилет жаным кейиймин.

## ЭСЕНБЕК КЛАССТАШКА

*12.09.1993-жыл*
*Терек-Сай 50 жылдыгына*

Чынбы калып чыктың эми элүүгө,
Кайтты жаштык калды элеси көңүлдө.
Уул үйлөп, кыз узаттың кубанып,
Кайнатасың, неберең бар үйүңдө.

Жеттиң эми эр ортону элүү жаш,
Кйра келбейт сен өткөргөн элүү жаз.
60 ка аттангыча бар болуп,
Аялң сүй, небере сүй, көңүлдү ач.

## НАРБАЙ ЖЕЗДЕМЕ

*12.09.1993-жыл*
*Ала-Бука 70 жылдыгына*

Комуз алып колума,
Ырдабагам туугандар.
Кокустан кетсем жаңылып,
Кечирип мени коюңар.
Шылдың кылып күлбөгүн,
Алиги тамаша сөзгө бургандар.

70 жашка чыкканча,
Жездем күндөп-түндөп жүгүндү.
Элпеги менен ак иштеп,
Эл көзүнө көрүндү.
Пенсия алып бул күндө,
Жездем багып бир жүрөт бир үйдү.

Саргарса дагы жалбырак,
Саргайбайт дарак тамыры.
Эл ичинде жездемдин,
Кете элек али кадыры.
Кубаттатып дем берген,
Жездемдин өстүргөн мобул балдары.

Куураса дарак учтары,
Куурабайт дарак тамыры.
Курдаштар менен бир жүрөт,
Жаздемдин дагы эле бийик кадыры.

Кайраттантып дем берген,
Жездемдин өстүргөн мобул кыздары.

А бирок ай, жыл айланып,
Жездемдин чачын барат кар басып.
Карылык минип мойнуна.
Жездемдин буттары калган жай басып.
Күч-кубат берсин кудайым,
Жезде ажалды алда арбашып.
Арак деле берип алдай көр,
Алиги жаналгычка жармашып.

## БИР ЖОЛДОШКО

*29.12.1993-жыл*

Мен сени Ала-Тоодой аскар дегем,
Мен сени кең Чаткалдай чалкар дегем.
Көөнүмдө сен дегенде эч нерсе жок,
Пейилиңди кең талаадай даркан дегем.

Билбепмин деги сенин пастыгыңды,
Билбепмин мага кылган кастыгыңды.
Бүгүн мен сени аяган, сага ишенген.
Күнөөлөп отурамын актыгымды.

## ЭҢСӨӨ

Алыстап кеткен элестер,
Түшпөсө эске ким эстер.
Көрүнө калса эстейсиң,
Кызыл гүл терген белестер.

Өткөнүн ойлоп олтурам,
Өтүптүр жаштык бир кездер.
Жаштыкта ойлор аламан,
Булуттай барып тараган.
Андагы жаштык элеси,
Эмгиче кетпейт санаадан.
Азыр да жүрөк зырп этет,
Кызыл гүл көрсөм талаадан.

Чүкүрү терсек жыңайлак,
Балтырың чийип канаган.
Карагат терсек жээктеп,
Суу болуп шымың жадаган.
Урушун угуп апамдын,
Уялткан эчен караган.

## СЕЙДАНАГА

Үмүттөр, ойлор орундап,
Үйлөндүк бирге баш кошуп.
Дем алсак бирге дем алып,
Күлүшсөк бирге күлүшүп.

Мен айттым чыны зайыбыма,
Махабат кымбат чынында.
Берекем барам жиберсең,
Сен үчүн түндүк уюлга.

Ал айтты чыны мага да,
Махабат кымбат чынында.
Берекем барам жиберсең,
Мен деле түштүк уюлга.

Жыл өттү болдук балалуу,
Жыйылды ырыс ынтымак.
Жакшылык үйдү байырлап,
Жамандык кетти чыркырап.

Жыл өтүп турмуш өзгөрүп,
Чоңойду балдар чынында.
Жүрөбүз мынтип экөөбүз.

## 50 ЖАШКА

*05.02.1993-жыл*

Ата-энем өз жашымды айтып берген,
Мезгил өттү мен чыктым 50 жашка.
Карасам агарыптыр кара чачым,
Күзгүдөн көрүп турсам өкүм башка.

Чыктым мен эр ортону 50 жашка,
Элестейм алыс калган жаштыгымды.
Жаш балача тайтайлатып жетелеткен,
Көп эстеймин ошондогу мастыгымды.

Кыз узатып, бала үйлөдүм ушул күндө,
Неберем бар, кайнатамын келиндерге.
Черим жазып чарчаганда сүйлөшөмүн,
Жолукканда баарлашып келгендерге.

Чын эле 50 жашта жашаптырмын,
Карасам мен кайрылып арт жолума.
Бир, бирден териштирсем өткөн күндү,
Тарынбаймын басып өткөн бул жолума.

Эң чоңу Мактым кызым 25те,
Төртүнчү уулум Саматбегим 18де.

Чогуу олтуруп белгилеген ушул күндү,
Эстейли, бек сактайлы дайым эсте.

Эскерип араңарда кошо олтурган,
Атаңар ушул бүгүн 50 жашта.
Бак таалай башыбыздан кетпесинчи,
Мына ушинтип бир жашайлы кубанычты.

Кутмандуу 18, 25, 50 жаштар,
Келе бербейт ээрчишип ар бир үйгө.
Бактылуубуз балдарым мындай жашка,
Бизге келди биз жеттик мындай күнгө.

## ДЕН СООЛУК

Жамандык келсе башыңа,
Жакшылык бар деп бел байла.
Жабыктай жүргүн жарк этип,
Жардам тиет жан барда.
Дүнүйө колдун кириңдин,
Түгөнөт кетет билинбей.
Түбөлүк күнгө түз кара,
Күнүмдүк күнгө сүйүнбөй.

Кадыр-барк келсе эл журтуң,
Башыңа бакыт конгонуң.
Үшкүрбөй үмүт эрк менен,
Туткундар жашайт төрдөгү.
Ойлогон ойго жетесиң,
Ден соолук болсо болгону.

## ШАМШАР ЖЭЭНИМЕ

Жээним сен оолугуп көгөргөндөй,
Душмандар сөйрүк сөздү айтса керек.
Жаныңды жай алдырбай жалбырттаткан,
Каңырыш чучугуңа жетсе керек.

Каардансаң тарынсңаң мага тарын,
Күнөөсүз момун элге тил тийгизбе.
Ата-энең жездең менен аман болгун,
Колдон келсе деги мага күн тийгизбе.

Кешиңди кекиртектеп менден алды,
Келжиреп элге каргыш айтпай жүргүн.
Жалгандан жалаа жаап энең менен,
Сен менин балекетим албай жүргүн.
Эстегин эмчек эмип чоңойгонбуз,
Очогун ойрондотпо өткөн күндүн.

Жүргөн көп ар намысын тебелетип,
Жүргөн көп душмандарга жемелетип.
Жактырат көр душмандар жашаганды,
Жатындаш эки-экиден тебелешип.
Душмандын жан эргиткен кебин угуп,
Калдыкпы биз ушинтип жемелешип.

*Жанашып сага жүргөндө,*
*Берчү элем арнап гүл десте.*
*Жарк этип күлүп сен анда,*
*Рахмат айткан күн эсте.*

## АДАМДАГЫ САПАТ

Тил адамды бакыт, даңкка жеткирет,
Тил адамды шорго салат өлтүрөт.
Тил арстандай босогоңдо комдонгон,
Байкабасаң өзүңдү да жеп коет.

Адамдын жакшы сапаты билими жана акылы,
Жакшы адам тирүүсүндө алкыш алат.
Жаман адам өлсө дагы каргыш алат,
Бардык ишин шашпай иштейт ойлонуп.
Эл башкарат  илим, билим колдонуп,
Баарын колдоп, кедейлерге көз салат.
Жакшы адамдар иши менен даңк алат,
Даңктуу өлсө артында ызаат, сый калат.

Кеп көркү - тил, ойдун көркү сөз болот,
Кишиде жүз, жүздүн көркү - көз болот.

Илимдүүгө билим – кийим аш болот,
Түркөй адам – ушак менен дос болот.

Ачуулуу жан кийин кейийт, кыйналат,
Кызыл кандуу – дайым калат кур жалак.

Окуу болсо – билим үчүн жол салат,
Билим болсо иштин көзүн ал табат.

Кек менен өч – эркек үчүн кемчилик,
Экөө жеңсе – качат сенден теңчилик.

Ачуу жеңсе, акыл качат өзүңдөн,
Ачуулуу жан акылы кем көргө тең.

Өжөрдүк – ушул дагы жаман адат,
Өжөрдөн урмат менен сыйлык качат.

Жакшынын ой-тилегин кудай берет,
Кайгы муң жамандарды коштоп жүрөт.

Кимдин жашы кырктан өтсө болжолу,
Жаштык менен кош айтышып койгону.

Карып калдым элүү беште менин жашым,
Капкара кузгун эле аккуу башым.

Алтымыш кел бери деп үндөп турат,
Барармын жыгылбасам жолдо сулап.

А кийин алтымыштан ашкан адам,
Жай өтүп, суук кышка кирет анан.

Жаш кетти, карылыкка берип кезек,
Бул үлүш менден өтүп сага жетет.

Даңкы артып көтөрүлүп сыйга батат,
Мен кетсем – мурунку түр кайра басат.

Бак дөөлөт кут күн менен кучакташкан,
Бакытты көтөрбөсөң кырсык басат.

Тообо кыл жаратканга момун адам,
Жүз эсе пайда аласың өзүң андан.

Шүгүр кылсаң анда бириң он болот,
Он болгон соң үйдө байлык мол болот.

Алыс кач ачууланып турган бектен,
Кемсинтип кууп салат үн деебстен.

Жаман адам ким? Жалганчы, зордукчу,
Жаман адам ким? Ач көз, уятсыз, чорт кыял.
Жаман адам ким? Өктөмдүк, жаалдуу,
Жаман адам ким? Тажаал, ичкичтер.

А эгер жамандарды кылсаң жакын,
Жамандын таягынан кутулбассың.

Жамандар ардакталса, жакшы көр де,
Бузук жок жакшы бийлик кылган жерде.

Жакшы адамга бийлик тийсе оңолот,
Эли жыргап, жери гүлгө оронот.

Жакшылык кылган жанды көкөлөтөт,
Жамандык кылган адам көргө түшөт.

Жамандар болбос ишке кегин сактайт,
Жакшынын оюн булгап ушак таштайт.

Жакшы менен көкөлөйсүң, учасың,
Көңүлүн тап жакшы досту сен бачым.

Сараңга өмүрүңдө кызмат кылба,
Уятка чөмүлөсүң таппай арга.

Кызыл тил – өмүрүңдү кыска кылат,
Жашайм десең жакшылап оозуңду жап.

Болсун десең баш аман, тилди карма,
Болбосо башың кетет ага барба.

Жаман сөз билими жок тилден чыгат,
Билимдүү журт нааданды – мал деп турат.

Көп сүйлөсөң ойлонбой – кырсык келет,
Акылдуу сөз ар дайым пайда берет.

Бир напсин, бири тилин – тыйса аны,
Бакыт ага дайра болуп куйганы.

Бирин айтып, тогузун тый керексиз,
Кажетсиз сөз – капта калсын демекпиз.

Көп сүйлөгөн маңызда акылы аз,
Көп тыңшаган акылдуу, сөзүнө баш.

Туура сөздү сүйлөй билгин тартынбай,
Кыйшык, калптан – качкын өзүң барчудай.

Адамдардын эң начары былжырлар,
А жакшылар – көңүлү түз, сыйлуулар.

Дарыда, чөптөр дагы, ачуу уулар,
Уу дары жана кошмо таттуу суулар.

Кандай сонун жаш адам картайбаса,
Чачы агарбай, чарчабай түптүз басса.

Ооруган ар бир адам өлө берсе,
Жер үстүндө бир да адам калбайт эле.

Баарына жардам берер кудай өзү,
Тынч жаткын, көңүлүңдү чөгөрбөчү.

Төрөлгөн соң, адамга өлмөк да бар,
Качсаң да, кууп жетип ажал алар.

Ата жолун көрсө бала тегинде,

Көнүп кетет оорго да, жеңилге да.

А уулуң, өскөн болсо эрке талтаң,
Үмүтсүз – адам болбойт, чыгат шайтан.

Эрке өссө балдарың – жаман адат,
Өмүр бою кайгыда жашың агат.

Эрке өссө уул-кызың көрсүн анда,
Күнөө өзүңдө, бирөөгө дөөмат кылба.

Балдары орой болсо сөз укпаган,
Күнөөнү издөө керек эне-атадан.

Канча байлык жыйган менен көз толоор,
Алар энчиң эки кулач бөз болоор.

Эскерип өмүрүңдү кайгырасың,
Кайгыр, ыйла – көз жашың кургабасын.

Өткөн күндөр кайра келбейт кашыңа,
Өткөн өттү, түнүң түштү башыңа.

Жакшыга – жакшы иштери байлык берет,
Боорукерге сан байлык өзү келет.

Уятсыз алыс болсун бир өзүңдөн,
Уяттуу, жөнөкөйлөр болсун чөйрөң.

Сабырлуу бол, өзүңдү өзүң кармагын,
Чыдамдуулар ишке ашырат талабын.

Баарында, бардык иште – токтоо, түз бол,
Токтоолук – бакыт тапчу ырыстуу жол.

Тилиңди тый, жөнү жок жаман айтпа,
Аз ичкин, арам ашка көзүң артпа.

Бузулган адамдарга жолобогоун,
Азгырма адамдардан алыс болгун.

Энчиңе туура келип азап тартсаң,
Чыдагын, кубаныч сага келет арттан.

Дос тууганча айрып болбой калыс бол,
Кичүүгө да, улуута да сылык бол.

Бак ачылса бак-бак этип ташыба,
Жакшылык кыл жыйылсын эл кашыңа.

Ач көздөрдү алдыңа келтирбегин,
Эки жүздүү адамга аш бербегин.

Күнүмдүккө күүлөнүп шаттанбагын,
Баары кетет сен бөөдө мактанбагын.

Балаңды жаштайыңан билимге үйрөт,
Билимдүүнүн колунан баары келет.

Чыбык менен сабап тур кээде аны,
Акылга тез келтирет таяк даамы.

Жаш кезинде өнөрдү алса күрөп,
Унутбай өмүр бою алып жүрөт.

Эрте туруп кеч жаткын илек болбо,
Эрте турган бакытты алат колго.

Жалкоолонбо ишиңди таштап койбо,
Сөз, ишиң бирдей болсун жарык жолдо.

Жамандарга жолобо, жакындаба,
Жакшылык кыл дайыма , ак жол сага.

Бекем бол өз сөзүңө, ден соолук кут,
Так жүргүн – колуң жетет оюңа бүт.

Денеңден чыгып кетсе сенин жаның,
Кайда экенин бир билет чоң кудайды.

Узак өмүр берсе акылман адамга,
Кыска өмүрдү берип койсо нааданга.

Бирок ажал ылгабайт – жакшы, жаман,
Улуусу кичүүсү да бирдей аган.

Керемет жок, туулган өлөт, ошол адам,
Жерден чыккан жарылып жерге барат.

Ата сөзүн ардакта – ыйык карма,
Кут тууп, бактың артат күндө анда.

Бирөө сага кастык кылса эгер ким,
Катыгын бер, дал ошого жүрбө тим.

Эгер бек көңүлү жай болсун десең,
Аткаргын айткан ишин дароо, бекем.

Келгендердин ичинде, бар туусу жок,
Курч бычакка жарарлык саптуусу жок.

Кара ташыл калың эл, айтаары жок,
Арасынан аңтарсаң кармаары жок.

Бектер кимди тартса колдоп кошуна,
Бектен кийин ал тураар  иш башына.

Бек кимди көтөрмөлөп кылса жакын,
Бак дөөлөттү барынча табат аның.

Акмак адам ким? Мактанчаак, алдамчы,
Акмак адам ким? Алып сатар, сараңдык.

Үч жакшы сапаты бар бакыт табат,
Үч жаман сапаттуулар алат наалат.

Жашта сүйүп,карысында – махабат,
Жүргөн жакшы акыл жүгүн аркалап.

Арзыганын бир көрсө – көз кубанат,
Көкөсөгөнүн колго алса – жүрөк канат.

Атаса бек болгондун – уулу да бек,
Теги бектер – бек болот өзү демек.

Ач калганга аш берсе – карды тоет,
Ач көздөрдү тойгузаар өлүм болот.

Ач көздөрдүн ичинде байы болбойт,
Дүйнөнү бүт жесе да карды толбойт.

Жаман иштен сактаса, абийир сактайт,
Жакшы ишке баштаса, абийир баштайт.

Өңдүү, түстүү адамдар ишке жакшы,
Мүнөзү жумшак адамдар элге жакшы.

Бек болушка – эң улуу билим керек,
А жаман бардык ишти буза берет.

Сулуу жүздү көргөндө көңүл жанат,
Жүздү көрсөң шол замат көзүң таят.

Өзүңдү кармай билип ишке так бол,
Сылык болуп ар дайым сөзгө сак бол.

Боорукер айткан сөзүн так аткарат,
Мерездер эки жүздүү сүйлөп турат.

Тилегендер эс алып жатып болбойт,
Жаткандарга жанашып бакыт конбойт.

Далбас урган тилекке кантип жетпейт,
Далдайып жатып алган нени көксөйт.

Жашайсың миң жашты, же он сегиз,
Сен өлөрсүң – артыңда калтыргын из.

Байсыңбы, кедейсиңби ылгап турбайм,
Кара жер баарын сорот, койбойт, аймайт.

Атак-даңкың жетсе да бийик көккө,
Кирип жатар оруну ң кара жерде.

Ким өткөрсө өмүрүн пайдасы жок,
Өзүн өрттөйт, ал малда сезими жок.

Бүгүн сенин да дөөлөтүң ашып-ташса,
Ишенбе, эртең анын жолу башка.

Амандыкты тилейбиз салам менен,
Алик алган жакшылык табат экен.

Салам ал жамандыкты кагып таштайт,
Алик алган – дени сак көпкө жашайт.

Кичүүсү улууларын турса сыйлап,
Акыл укса жашамак көпкө жыргап.

Оолак болсо агасынын каарынан,
Кайыры тийип, ини жыргайт баарынан.

Эркек бузбайт эч качан убадасын,
Ушак сөзгө алданган – болот катын.

Атың калсын артыңа даңкың ушу,
Бирде – бар, бирде – жок да бакыт кушу.

Кишимин деген адам толуп жүрөт,
Пайдасы жок карасам далай берет.

Бир адам миң адамга татып кетет,
Бир кол кээде миң колдун күчүн берет.

Эл ичинен ач калса бири гана,
Көзүңү ач жоопкерсиң өзүң ага.

Бекеммин деп, күчтүүмүн деп бой көтөрбө,
Туруксуз бул дөөлөтүң урат жерге.

Ишенбегин бийлигиңе шаңданып,
Кырсык болуп, сен калаарсың алданып.

Алкайм десе кудайым чеги болбойт,
Өмүр бою рахат берип колдойт.

Бул өмүр жаңы айдалган эгин талаа,
Эмне эксең ошону берет сага.

Эге көр бул талаага жакшылыкты,
Өмүр бою аларың болот мыкты.

Илим менен бирдикте ишти башкар,
Билим болсо иштен да майнап чыгар.

Ач көз адам түйшүктүү дайым жакыр,
Өмүрүндө тойбогон, тойбойт такыр.

Өмүр өттү өкүнөм өткөн күнгө,
А дагы канча өмүр калды менде.

Жигиттик күндөр өттү келбей күүгө,
Калган күндү арнаймын ак жүрүүгө.

Тирүү кезде сыйынгын зорлоп жанды,
Өлгөндөн соң, баарысы артта калды.

## БУАЖАРГА

Куттуу болсун жаз майрамың Буажар!
Сага келип, 49 жаш ийикти.
Картайдым деп жатып алба жан багып,
Иштей бергин, көксөй бергин бийикти.

## НАКЕНГЕ

Эркек аттуу бирге иштешкен коллективиң,
Куттуктайбыз, 8-март майрамың.
Өмүрүң узун болуп, аман болгун,
Коюлуп токтобосун сенин каның.

## БАТМАГА

Кут болсун 8-март майрамың,
Аман бол, иштей бергин Батма дайым.
Сыйлагын, катуу сөзүң тийгизбегин,
Колтуктап жүрө берсин Мурат дайым.

## ГҮЛНУРГА

Урмат-сыйга ээ болуп жүрө бергин,
Жылда келчү аялдар майрамында.
Каалайбыз биз өмүрүң узун болсун,
Сыдык менен бирге бол, жүр жанында.

## СУРМАКАНГА

Куттуктайбыз Сурмакан майрамыңызды,
Аман койсун кудайым бир жаныңды.
Ак ниетте иштей бер талыкпагын,
Арнадым мен, бир сага ыр сабымды.

## ДАЙРАКАНГА

Эмгек жолун баштадың карындашым,
Куттуу болсун 8- март майрамың.
Талыкпастан иштей бер, чарчабагын,
Эл ичинде арта берсин атак-даңкың.

## ГҮЛЗАТКА

Каалоо айтып коллектив куттуктайбыз,
Гүлзаттын келе жаткан жаз майрамын.
Турмуш жолун баштадың сен жаңыдан,
Өсө берсин дайыма эмгек жолуң.

## СЕЙДАНАГА

Суусаган кезде жутканга,
Кол чанач болсо колуңда.
Арак бир ичип мас болуп,
Арыкта жатсаң сонун да.

Мас болуп басып темтеңдеп,
Айылда жүрсөң сонун да.
Каргышын угуп келтек жеп,
Жанында жатсаң сонун да.

Чалап бир сурап сен турсаң,
Башың бир ооруп турганда.
Мынакей чалап сага деп,
Бир салса башка сонун да.

## ЖАМГЫРЧЫГА

Жамгырчы! Сени менен бирге, иштеп бирге жүрүп,
Жеттим мен, ойлогон ой, макстыма.
Атаңдын кадырлаган кадры элем,
Кел эми ортоктош бол, биринчи пенсияма.

Картайдым деп, калтааңдабай бирге иштештим,
Айтамын мен, рахмат баарыңарга.

Айланайын бирге иштешкен коллективим,
Ыраазымын, урматтаган сыйыңарга.

Силерге арнап ушул ырды жазганымда,
Жаш алдым мен көзүмө сүйүнгөндөн.
Өмүрүңөр узун болсун баарыңардын,
Мен айланып кетейин өзүңөрдөн.

Сыйлайсыңар, жүрөйүн араңарда,
Берсе кудай ден соолук, өмүр жибин.
Көтөрөйүн оор жүгүн урмат сыйдын,
Болсо дагы пахтадан чоң бир кебин.

Алабы деп колго кармап стакан,
Башымды ийип мен суранып турамын.
Кадырласаң урматтасаң алып кой,
Стаканга калтырбастан граммын.

## КЕМПИР ЧАЛ

Кемпирим деп айта албайм,
Сен али жашсын ойсоктоп.
Көчөдө бассаң түрлөнүп,
Саласың оюн койкоңдоп.

Кемпирим дебейм мен сени,
Кемпирчем деп айтайын.
Жылгындай жаштык кезди ойлоп,
Элесин бир аз жазайын.

Билесиң го кемпирчем,
Биз жылгындай чактарда.
Бир гана төшөк, бир жаздык,
Кеңдик кылчу жатканда.

Азыр эмне кемпирчем,
50 дөн жашым ашканда.
Катарлаш төшөк кош жаздык,
Тардык кылат жатканда.

Болбос жерден мен эми,
Полго жатып өлөмбү.
Бери жатың азайып,
Нары жатың көбөйдү.

Бармактайдан баш кошкон,
Абышкаң элем аны бил.
Айтсаң сотко беремин,
Нары жат деп дагы айтсаң.

*02.12.1995-ж.*

## СЫНАДЫМ

*02.12.1995-ж.*

Сынадым ооруп жатып ушул күнү,
Жаш кезде бир жашаган аялымды.
Ооруу бар бара албайм деп айта албады,
Бар дедим өзгөртпөстөн кыялымды.
Оолугуп чуркап кетти токтобостон,
Ошондо колума алдым каламымды.

Рахмат дейм мага кылган бул сыйыңа,
Калыңдап төшөк салдың сен алдыма.
Ой эргитип, бой балкытып бирге жүрүп,
Кошулат го дечү элем чоң кайгыма.

Шок алса экен ажал жетсе кудайым,
Бир күн дагы кор кылбастан жарыма.

Ушул байкуш ооруп жатат эле деп,
Тура албады жарым саат жаныма.

Эскертчү эле жаш кезимде абайлап,
Сойкулукту өмүр бою кылбайм деп.
Сойкулукту эгер келсе жасагым,
Ачык айтып, көз көрсөтүп кылам деп.

Ойлономун ушул күндө чын эле,
Кылык-жорук басканыңа мен карап.
Карыганда көксөгөн ал адамдар,
Койсо экен дейм керегиңе бир жарап.

## СЕЙДАНАГА

Экөөбүз тең мезгил менен жарышып,
Бир жашадык кудай койду карытып.
Тирүү кезде ушул сенин жоругуң,
Өлсөм деле өкүрбөссүң жарытып.

Көңүл бөлүп тынчтандыңбы жанымда,
Көзүң көрүп тынчыңды алган адамды.
Жаның тынчып отурасын бир айга,
Көптү ойлонуп, көп кыйналбай Сейдана.

Мен дебейин, убадамды берейин,
Ойной бергин 50 жашка чыкканча.
50 жаштан өтсөң кийин көрөөрсүң,
Андан аркы турмуш өзү башкача.

Көңүлдү өстүр, кайра тартпай ойной бер,
Жаш кездеги элечек кыз жаштарча.
Колтукташып көңүл ачкын күн сайын,
Махабатын жаңы тапкан кездерче

*02.12.1995-ж.*

## СЫНДАЙБЫ

Билинбестен бизден кеткен алыстап,
Элестеймин өткөн жаштык күндөрдү.
Бой балкытып кол кармашып бир жүрүп,
Элестеймин сыр чечишкен түндөрдү.

Көңүл бөлсөң ар бир өткөн күндөргө,
Арасынан окуучулук бир башка.
Жашың кайтып картайганда ушинтип,
Айлаң канча баш ийесин турмушка.

Каяша айтып картайганда кемпирим,
Тээп, тиштеп сөзүң укпайт турбайбы.
Кантээр экен таарынабы деп ойлоп,
Тууралыгын түшүндүрбөй сындайбы.

Жашаганга отуз жыл толду,
Келчи кемпир кошо туруп ырдайлы.
Кош теректей бирге туруп экөөбүз,
Уул-кыздын урматында жыргайлы.

Адамдардын көпчүлүгүн карасаң,
Карыганда назик болот турбайбы.
Тарынбастан тамаша айтып бир жүргөн,
Жаштык кезим өзүнчө эле жыргалбы.

*30.01.1996-ж.*

## 53- ЖАШ

*05.02.1996-ж.*

Кара чач акка айланып,
Алыстап кетти жаш чагым.
Мойнума кирген бырыштар,
Эскертет картаң жаштыгым.

Убакыт өтүп билинбей,
Көп жашка барып калыпмын.
Бир-бирден санап отурсам,
53 деген жаштамын.

53 жашка чыксам да,
Картаң деп сезбейм өзүмдү.
Араңарда отурам,
Арнагым келип сөзүмдү.

Айтылган жакшы тилектер,
Жашартат менин өмүрүм.
Жетине албай олтурам,
Ачылып менин көңүлүм.

Жек жаат тууган балдарым,
Рахмат айтам силерге.
Баш коштуруп чай берген,
Баш ийем ушул кемпирге.

Олтурган жалпы баарыңа,
Бакыт таалай каалаймын.
Узун-өмүр берсин деп,
Ак көңүлдөн самаймын.

Бүгүнкү айткан сөзүңөр,
Кубат берди өмүргө.
Кайрат дем берип кудайым,
Бек сактайм муну көңүлгө.

## КАНТКЕНДЕ САГА ЖАГАМЫН

*30.03.1996-ж.*

Сүйлөп койсом эркелеп,
Атайсың мени тантык деп.
Унчукпай укпай койсом мен,
Айтасың анда караң деп.
Сүйлөбөй койсом өзүңө,
Каласың ымдап дудук деп.

Картайган чакта ойлонуп,
Суроо берем өзүмө.
Чын эле айттың оюңду,
Канткенде жагам өзүңө.
Кетсемби деймин бир жакка,
Көрүнбөй сенин көзүңө.

Айтылган азил сөздөрүм,
Элестеп, эстеп жүрөөрсүң.
Эмне үчүн мындай кылдың деп,
Кез-кезде ойлоп күлөөрсүң.

Сүйлөбөй дудук болгонум,
Көөнүңдү бузбайм дегеним.
Сүйлөтпөйүн сени деп,
Укпастан койгон себебим.
Ар түрлүү атка мен конуп,
Акылга эми келгенмин.

Эрмегим сенсиң түшүнгүң,
Сен менин жарпым жазаарым.
Айланып келип сага айтам,
Маанисин чыны армандын.

## БИЛИМ КҮНҮ

*01.09.1996-ж.*

Биринчи колум бармагым,
Кат жазып сага арнадым.
Көңүлдөш болсоң сен мага,
Колуңду кыса кармайын.

Экинчи колум сөөмөйүм,
Сен жакка көңүл бөлөйүн.
Санаалаш мага сен болсоң,
Саламдашып көрөйүн.

Үчүнчү колум ортон кол,
Болсунчу бизге айкын жол.
Тилектеш болсоң өзүмө,
Кылчаңдап кайтпай берчи кол.

Төртүнчү колум аты жок,
Жүрөмүн сага көңүл жок.
Жүрөктөш болсоң өзүмө,
Жүр дечи кана өзүң шок.

Бешинчи колум чыпалак,
Чок салдың ичке куйкалап.
Кадырлаш болсоң чыныңды айт,
Калбайын таппай сыйпалап.

## ЖОКЧУЛУК

Дарманымды кетирип,
Шалдыраттың жокчулук.
Жан кейитип бул күндө,
Жалдыраттың жокчулук.
Бал сөзүңдү адамга,
Эм кылбадың жокчулук.

Кээ бир жаман адамга,
Тең кылбадың жокчулук.
Кадырымды кетирип,
Жаман кылдың жокчулук.
Жан тындырбай мээнетке,
Жармаштырдың жокчулук.
Кармасак колго жеткирбей,
Калдаңдаттың жокчулук.
Кадыры жок, баркы жок,
Эсен кылдың жокчулук.
Калп айтышка тилимди,
Чечен кылдың жокчулук.
Оорусу жок онтотуп,
Кесел кылдың жокчулук.
Бараар жерге баргызбай,
Уят кылдың жокчулук,
Ажыратып туугандан,
Арсар кылдың жокчулук.
Дүнүйөлүү адамга,
Тебелеттиң жокчулук.
Адамдарга коштурбай,
Чекелеттиң жокчулук.
Сүйлөгөн сөзүң жок кылып,
Дудук кылдың жокчулук.
Алыша турган күчтү алып,
Алсыраттың жокчулук.

## КЕМПИРГЕ

Билесиң кемпир картайдым,
Жүрөктүн тапчы айласын.
Алың бир жетсе алып сал,
Ичтеги дарттын баарысын.

Ыр ырдоо мага башынан,
Сиңип бир калган каныма.
Эрмек бир болуп бир өзүң,
Отурчу кемпир жаныма.

Жакшылык кылгын аянбай,
Улуу кичүү баарына.
Аралап кирип бараарсың,
Бейиштин калың багына.

Алла таала жар болуп,
Ишибиз кудай оңдосун.
Багып берген бейишке,
Пайгамбар сени колдосун.
Кара ниет көрө албас,
Тозокто жатып оңбосун.

## МАЗМУНУ


Баш сөз………………………………………………… 3
Туулган айлым Коргон-Сай…………………………. 6
Шаарды жүрдүк аралап………………………………. 6
Бир өзүң…………………………………………………… 7
Кемпирге жүрөм кор болуп…………………………. 9
Аялдарга бир каза………………………………………. 10
Балама……………………………………………………. 12
Энеңе……………………………………………………….. 13
Жүрөктү жүрөм дарылап……………………………… 14
Жоро менен Дүйшөнгө………………………………… 15
Айылым…………………………………………………… 16
Ноорузбекке………………………………………………. 17
Ноорузбекке………………………………………………. 18
Атама кошок……………………………………………… 18
Уул, кызым……………………………………………….. 21
Карылык………………………………………………….. 21
Жорого……………………………………………………… 22
Көңүл жокто……………………………………………….. 23
Карылык…………………………………………………… 23
Гүлзаадага…………………………………………………… 24
Ноорузга…………………………………………………… 24
Үй-бүлөмө………………………………………………….. 25
Төрөлгөндө Ноорузум……………………………….. 26
Кемпирге…………………………………………………… 26
Энеге……………………………………………………….. 27
Абдыкаарга………………………………………………… 27
Кызым Толгонайга……………………………………… 28
Толгонайга………………………………………………… 28
Гүлзаадага………………………………………………… 29
Талды-Булак……………………………………………….. 30
Чаткалыма…………………………………………………. 30
Ыйлап кой…………………………………………………. 31
Карылык…………………………………………………… 31
Карылык ой карылык…………………………………… 32
Бажам Байизбекке……………………………………….. 34
Кошок………………………………………………………. 36
Жеңеме……………………………………………………… 36
Жибек, Касиет, Салан…………………………………… 37
Камоктор…………………………………………………… 38
Көр турмуш……………………………………………….. 38

Ата Журт…………………………………………………… 39
Амантай……………………………………………………… 40
Талды-Булак………………………………………………… 42
Келинге (тоодо ырдайсың) Сейдана…………………… 43
Кел дейбиз…………………………………………………… 44
Эскерме……………………………………………………… 44
Жолдошторго……………………………………………… 46
Кудага………………………………………………………… 47
Кемпирим…………………………………………………… 47
Ата журт……………………………………………………… 48
Оюмда бар көп нерсе…………………………………… 49
Талдуу булак……………………………………………… 49
Сапарбү менен Зуурага………………………………… 51
Акеме………………………………………………………… 52
Ош шаары…………………………………………………… 53
Уул, кызыма………………………………………………… 54
Эл ичинен издеп жүрөм………………………………… 55
Баш кошконбуз августта………………………………… 55
Сонунда……………………………………………………… 56
Чаткалым…………………………………………………… 57
Апама………………………………………………………… 58
Алтынбекке………………………………………………… 58
Жолдошторго……………………………………………… 59
Досума………………………………………………………… 60
Оштогу күндөр……………………………………………… 61
Ойлонуп мен да ыр жаздым…………………………… 62
Чаткалым…………………………………………………… 63
Карылык……………………………………………………… 64
Өткөн күн…………………………………………………… 65
Кошок………………………………………………………… 65
Жер тээп бийлеп жыргайлы…………………………… 67
Кошок………………………………………………………… 68
Жорого……………………………………………………… 70
Саматка……………………………………………………… 71
Амантайга…………………………………………………… 73
Көрсөмбү деймин чебере……………………………… 74
Кана кемпир бийлейли………………………………… 75
Кемпир сен укчу сөзүмдү............................................ 76
Бармакмын учуп белестеп……………………………… 77
Күлүп бир койчу бир кайра…………………………… 78
Үйлөнүү тойго……………………………………………… 79
Жолдошторго……………………………………………… 79

Карылык келди такымдап…………………………… 80
Эскерме………………………………………………. 81
Дүйшөнгө……………………………………………. 83
Гүлбайрага…………………………………………… 84
Кечирим сурайм силерден…………………………. 84
Кудагыйга……………………………………………. 87
Кудама……………………………………………….. 89
Кудагыйга……………………………………………. 91
Манаска эскерме…………………………………… 92
Кемпирге…………………………………………….. 92
Санам эжеме………………………………………… 93
Эсенбек классташка……………………………….. 95
Нарбай жездеме……………………………………. 96
Бир жолдошко……………………………………… 97
Эңсөө………………………………………………… 97
Сейданага……………………………………………. 98
50 жашка……………………………………………. 99
Ден соолук………………………………………….. 100
Шамшар жээниме…………………………………. 101
Адамдагы сапат……………………………………. 102
Буажарга…………………………………………….. 112
Накенге………………………………………………. 112
Батмага……………………………………………… 113
Гүлнурга…………………………………………….. 113
Сурмаканга…………………………………………. 113
Дайраканга…………………………………………. 113
Гүлзатка…………………………………………….. 114
Сейданага…………………………………………… 114
Жамгырчыга……………………………………….. 114
Кемпир чал………………………………………… 115
Сынадым……………………………………………. 116
Сейданага…………………………………………… 117
Сындайбы…………………………………………… 118
53- жаш…………………………………………….. 118
Канткенде сага жагамын…………………………. 120
Билим күнү........................................................................ 121
Жокчулук…………………………………………… 121
Кемпирге……………………………………………. 122

**Дозонов Сатылган**

**Туулган айлым**
**Коргон-Сай**

Басууга 18.10.2011-ж. кол коюлду.
Көлөмү 8,25 басма табак. Нускасы 30. Буюртма №75
Ош ш., Курманжан Датка-236